EUCAM
WWW.EUCENTRALASIA.EU

INSTITUTE FOR WAR & PEACE REPORTING
IWPR



*«Бирок мен баары бир Россиянын ЖМКларына көбүрөөк ишенем»*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ОРУС ПРОПАГАНДАСЫНЫН **НАРРАТИВДЕРИ ЖАНА КАБЫЛ АЛЫНЫШЫ**

Июль 2023 ж.

# Мазмуну


| | |
|---|---|
| Негизги жоболор | 3 |
| Изилдөөнүн методологиясы | 5 |
| Биринчи бөлүк. Кыргызстандагы россиялык медиалар | 8 |
| Экинчи бөлүк. Жиберилген билдирүү | 10 |
| Үчүнчү бөлүк. Алынган билдирүү | 24 |
| Корутундулар жана сунуштар | 39 |
| Тиркемелер | 52 |

# Негизги жоболор

2022-жылдын 24-февралында Украинага басып кирүү менен Россияда ЖМКлардын үстүнөн көзөмөл катуу көзөмөлдөн абсолюттук мүнөзгө өткөн. Жаңы мыйзамдар менен иштеп жаткан мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөрдөн улам, окуяны туура чагылдыруу дээрлик мүмкүн болбой калып, бул жагдай айрым көз карандысыз ЖМКларды ишин токтотууга, ал эми эл аралык ЖМКлардын көпчүлүгүн өлкөдөн чыгып кетүүгө, же болбосо окуяларды чагылдырууну кескин чектөөгө мажбурлады. Салттуу ЖМКлар, онлайн-ЖМКлар жана социалдык тармактар аркылуу берилген жалпыга жеткиликтүү мамлекеттик же мамлекеттин көзөмөлүндөгү маалымат орус өкмөтү жана анын өнөктөштөрү тарабынан өлкө ичинде да, чет өлкөлөрдө да пропаганданы жайылтуу максатында активдүү колдонулуп келет. Бул пропаганда Кыргызстанда өзгөчө колдоого алынууда. Себеби, эки өлкөнүн ортосунда бекем саясий, экономикалык жана тарыхый байланыштар бар; орус тили Кыргызстанда расмий тилдин макамына ээ жана өтө кеңири колдонулат; ал эми орус ЖМКларына жергиликтүү жана эл аралык альтернативалардын атаандаштык деңгээли бул багытта кыйла эле төмөн.

Бул отчётто орус пропагандасынын Кыргызстандын аудиториясына тийгизген *таасири* бааланып чыкты. Анализ үч деңгээлде жүргүзүлүп, *биринчи деңгээлде* россиялык ЖМКлардын Кыргызстандагы камтуу картасы түзүлдү. *Экинчи деңгээлде* – орус пропагандасынын *нарративи* анализденди. Ал эми *үчүнчүсүндө* – бул ЖМКлар менен алардын билдирүүлөрүнүн Кыргызстандын аудиториясы тарабынан *кабыл алынышына* баа берилди.

Изилдөө 2022-жылдын 24-февралынан 2022-жылдын 1-декабрына чейинки мөөнөттөгү Кыргызстандагы орус пропагандасын камтыйт. Изилдөө тобу алгач өлкөдөгү Россиянын ири ЖМКларынын картасын түзүп алды. Экинчи этапта изилдөөчүлөр россиялык жети телеканал менен үч газетанын жаңылык материалдарын топтоп, классификациялап жана анализдеп чыгып, контенттин маалымат базасын даярдады. Ошол эле учурда, Бишкек, Нарын жана Оштогу фокус-топтордун арасында россиялык пропаганданын кабыл алынышын баалап чыгууга арналган алты дискуссия өткөрүлдү.

Изилдөө тобу эфирдик телевидениени, басылып чыккан газеталарды жана социалдык тармактардагы баракчаларды кошкондо, россиялык мамлекеттик пропаганданын түрдүү булактарын изилдеп чыкты. Мындан ары баяндала тургандай эле, салттуу жана социалдык ЖМКлардын ортосундагы чектер анык эмес жана бири-бири менен чырмалышып келет. Sputnik.kg сыяктуу айрым басылмалар Интернетте толук кандуу иш жүргүзсө, кээ бирлери салттуу форматта (телевидение/радиоберүү/басылма) жеткиликтүү болуусу менен катар эле, веб-сайттары бар жана социалдык тармактарда кеңири жайылган. ЖМКлардын сайттары башынан эле жаңылыктардын архиви болгондуктан, изилдөө тобу бул архивдер менен орус мамлекеттик пропагандасынын алгачкы булактары сыпатында иш алып барууну чечти.

**Изилдөө Кыргызстанда россиялык пропаганданын масштабдары өтө эле чоң экендигин көрсөтүүдө.** Пропаганда салттуу ЖМКлардын баарын камтуу менен бирге, кайда болсо да социалдык тармактардын платформалары аркылуу: «Биринчи канал» менен «Московский комсомолецтен» баштап, YouTube аркылуу агымдык берүү жана «ВКонтакте», Telegram аркылуу билдирүүлөр менен алмашууга чейин онлайн-чөйрөгө сүңгүп кирүүдө. Өтө эле көп сандагы ЖМКлар менен күнүмдүк билдирүүлөр жергиликтүү кыргыз жана чет өлкөлүк массалык маалымат каражаттарынын санын басып өтүүдө.

Согуш башталгандан бери жаңылыктардын атайы чыгарылыштары көбөйүп, керектөөчүлөр медиасынын назарын үзгүлтүксүз өздөрүнө буруп туруу – алардын максатына айланды.

**Орус пропагандасынын нарративин негизги төрт — Украина, Батыш, Россиянын өзү жана Кыргызстан жөнүндө билдирүүгө бөлүп кароого болот.** Украина бир жагынан жашоосун улантууга негизи жок жасалма мамлекет катары, экинчи жагынан, Батыш тарабынан колдоо көрсөтүлгөн нацисттер башкарып жана кыйратып жаткан Россиянын ажырагыс бир бөлүгү катары чагылдырылат. Украинаны орус пропагандасы Россияга таандык экенин билбей жаткан, бирок Батыштын таасирине кабылган мамлекет катары көрсөтөт. Россиянын пропагандасы душмандын ири образын — керт башынын пайдасын көздөө менен бүткүл дүйнө жүзү боюнча көйгөйлөрдү жаратуу максатында башка өлкөлөрдүн ишине кийлигишкен коллективдик жана каардуу Батыштын образын пайда кылууда. Батыштын «аморалдуу» саясатына «ыйык Россия» менен орус тилдүү дүйнө гана каршы чыгууда. Ушул себептүү Россия «Батыштын агрессиясына» каршы Украинада «жооп кайтарууга аргасыз болгон». Кыргызстан экономика (эмгек мигранттарынан улам) жана коопсуздук жагынан (биринчи кезекте Коллективдик коопсуздук келишиминин уюмунан улам) Россиядан өтө эле көз каранды болгон орус дүйнөсүнүн уландысы катары чагылдырылат.

**Кыргызстанда коомдук пикир көбүнчө Россиянын маалыматтарынын негизинде жаралган.** Жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттарынын саны анча көп эмес, алардын ресурстары чектелүү, жана аларды коррупцияга малынган саясатчылар башкарат деп эсептешет. Анча популярдуу эмес эл аралык (батыш) ЖМКлар «аморалдуу» жана «жат» деп мүнөздөлөт. Россиянын нарративи «коррупцияга малынган» жергиликтүү ЖМКлар менен «аморалдуу» Батыш ЖМКларынын ортосундагы таанымал, ишенимдүү жана туруктуу булактар катары кабыл алынып келет.

Биздин изилдөөбүз менен докладыбыз альтернативдүү жана натыйжалуу маалымат булактарын камсыздоо аркылуу зыяндуу орус пропагандасынын таасирин азайтууга жардам бере алган **18 сунуштан** турган серия менен аяктайт.

Бул изилдөө Европа коопсуздугун изилдөө борборунун (CESS) EUCAM программасы менен кызматташтык ичинде Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан ишке ашырылган илимий иштин жыйынтыгы болуп саналат. Изилдөө 2022-жылдын ноябрынан 2023-жылдын апрелине чейин жүргүзүлүп, 2022-жылдын 24-февралынан 1-декабрына чейинки мезгил аралыгында жарыяланган контентти камтыды.

Кошумча маалымат үчүн Борбор Азиядагы IWPR аймактык директору Абахон Султоназаровго кайрылсаңыздар болот, abakhon@iwpr.net

# Изилдөөнүн методологиясы

Изилдөөдө далилденген «негиздүү теориянын»[1] принциптерине негизделген «индуктивдүү ыкма»[2] колдонулду. Бул ыкма топтолгон маалыматтарга фокусталуу менен текшерилип чыгууга тийиш болгон гипотезаларды, же болбосо далилдөө зарыл болгон теорияларды чыгарып таштайт. Коддоо процесси мурунтан жаңылыш алынган ой-пикирлерге жол бербөө максатында, ошондой эле маалыматтарды алдын ала иштелип чыккан коддук протоколдорго ыңгайлаштыруу аракети көздөлбөстөн, анализ менен катар аткарылат. Мындай ыкмада маалыматтардын сандык көрсөтүлүшүнө эмес, алардын тереңдиги менен маанисине артыкчылык берилет. Бул ыкмадагы негизги аракеттер — баяндоо, сөздөрдү, образдарды тандоо жана потенциалдуу таасир этүү.

Индуктивдүү методологиянын алкагында орус ЖМКларында байкалган кеңири нарративдерди көрсөтүү максатында изилдөөнүн бир бөлүгү «тематикалык анализге»[3] таянат. Мындан тышкары, «дискурс-анализ»[4] конкреттүү сөздөрдү, образдарды жана алардын айкалышын колдонуудагы нюанстарды анализдеп чыгууга жардам берет. Фокус-топтук дискуссиялардын (ФТД) анализи жекече жоопторго, топ ичиндеги жана топтор аралык динамикага көңүл бурулган «үзгүлтүксүз салыштыруу»[5] ыкмасынын жардамы менен жүргүзүлдү.

Төрт ай бою (2022-жылдын ноябрынан тарта 2023-жылдын февралына чейин) эки изилдөө тобу башкы изилдөөчүнүн (БИ) жетекчилиги астында медиа-контент менен фокус-топторду анализдин үстүнөн иш алып барды. Контент-анализ боюнча топко Кыргызстандан ЖМК анализдөө тажрыйбасына ээ жергиликтүү беш изилдөөчү кирди. Фокус-топтор боюнча команда эки кыргыз изилдөөчүсүнөн түзүлгөн. Долбоор Кыргызстандан жергиликтүү координатор, Нидерланддан эл аралык координатор жана Борбор Азиядан Нидерландда жашаган БИ тарабынан жетектелди. Теманын кылдаттыгына байланыштуу, изилдөө топторун жашыруун калтыруу жөнүндө чечим кабыл алынды.

Изилдөөнүн *биринчи этабында* Кыргызстандын аудиториясына жеткиликтүү болгон россиялык ЖМКлардын негизгилеринин картасын түзүп чыгуу талап кылынды. Идея түрдүү тектерден үлгү топ түзүп, ага Кыргызстандын ичиндеги көлөмү менен популярдуулугу жагынан маанилүү деп эсептелген негизги ЖМКларды кошууда жатат. Бул логикага негизделүү менен Russia Today (RT) сыяктуу басылмаларды изилдөөгө кошкон жокпуз. Анткени аталган эл аралык басылма Кыргызстандын гана аудиториясына багытталган эмес. Иштин жыйынтыгы менен алты телеканал — Биринчи канал, РТР (БМТРК)[6], РБК, НТВ, Мир, Рен ТВ; Sputnik маалымат онлайн-агенттиги; жана үч газета — Аргументы и факты, Комсомольская правда жана Московский комсомолец аныкталып чыкты.

1. Thomas, D. (2006). A General Inductive Approach for Analyzing Qualitative Evaluation Data. *American Journal of Evaluation*, 27(2), 237–246. https://doi.org/10.1177/1098214005283748
2. Strauss, A., & Corbin, J. (1998).Basics of qualitative research (2nd ed.). Sage.
3. Braun, V., & Clarke, V. (2006). Using thematic analysis in psychology. *Qualitative Research in Psychology*, 3(2), 77–101. https://doi.org/10.1191/1478088706qp063oa
4. Iedema, R. (2003). Multimodality, resemiotization: extending the analysis of discourse as multi-semiotic practice. *Visual Communication*, 2(1), 29–57. https://doi.org/10.1177/1470357203002001751
5. Onwuegbuzie, A. J., Dickinson, W. B., Leech, N. L., & Zoran, A. G. (2009). A Qualitative Framework for Collecting and Analyzing Data in Focus Group Research. *International Journal of Qualitative Methods*, 8(3), 1–21. https://doi.org/10.1177/160940690900800301
6. Бүткүл россиялык мамлекеттик телевизиондук жана радиоберүү компаниясы түрдүү теле- жана радиоканалдарды башкарат. Бул изилдөөдө БМТРКнын «Россия 1», «Россия 24» жана РТР каналдарына чыгарылган «Вести» программасынын жаңылык материалдары анализденди. «Вестинин» сайты да бар: https://www.vesti.ru/

Изилдөөнүн экинчи этабында изилдөө тобу окуяларды чагылдыруу ыкмаларын белгилөө максатында, маселен темаларды тандоосу, публикацияларынын көлөмү жана форматы боюнча жогоруда аты аталган ЖМКларга байкоо жүргүзө баштады. Тандалган ЖМКларды конвергенциялык таасиринен улам салттуу ЖМК катары кароого болбойт, себеби алар бир катар онлайн жана офлайн форматтарда иш алып барат. Мисалы, телеканалдар кабелдик телевидениеде бар, бирок контентке алардын веб-сайттарынан жана мобилдик тиркемелерден гана кирүү мүмкүн. Басма жана санарип форматта чыккан газеталарда да ушундай эле. Мындан тышкары, аталган басылмалардын баарынын социалдык тармактарда түрдүү аккаунттары иштеп, контенттери соцтармактардын колдонуучулары үчүн ар кандай форматтарда: видео, текст, сүрөт, шилтеме ж.б. аркылуу жеткиликтүү. Бул медиа өнүмдөр колдонуучулардын ленталарына сурамдардын тарыхчасынын негизинде жана башка колдонуучулар аркылуу өтүп, платформанын алгоритмдик чечиминин натыйжасында маалыматтык көбүк таасирин пайда кыла алат.

Изилдөө тобу 2022-жылдын 24-февралында Россия Украинаны басып кирген мезгилден баштап, 2022-жылдын 1-декабрында маалыматтарды топтоо иш-аракети башталган күнгө чейин жарыяланган жаңылык материалдарын чогултту. Маалыматтарды топтоо процессинде команда мезгил-мезгили менен Россия басып киргенге чейин жарыяланган материалдарды изилдеп жатты. Изилдөөчүлөр бул маалыматтарды баштапкы чекит катары алып, бирок структуралык тартипте колдонгон жок.

Жаңылык материалдарынын ири көлөмүн жана изилдөөнүн сапаттык мүнөзүн эске алып, изилдөө тобу жаңылыктарды топтоо процессиндеги кылдаттык менен тандалып алынган темаларга көбүрөөк көңүл бурду. Эң маанилүү жана айкын тема — Украинага чабуул коюлушу болду. Кээ бир ЖМКлар жаңылыктарын темаларга ажыратышат, ал эми окуя болгонго чейин жаңылыктарды темалары менен жарыяланган күндөрү боюнча ажыратуу үчүн издөө параметрлери колдонулуп келген.

Анализдин биринчи раунду жалпы согуш темасына бириктирилген көп сандагы подтемаларды аныктап чыкты: жалпы эле Батышка, Россиянын өзүнө жана мурунку советтик республикаларга арналган жаңылыктар бар.


Жаңылыктардын баары бүтүндөй бетти скриншоттоо түрүндө сакталып, маалыматтардын сапаттык анализи үчүн Atlas.ti программалык камсыздоосунун жардамы менен анализденип чыкты. Изилдөө тобу сапаттык маалыматтардын ири массивин коддоонун үч — ачык, негизги жана тандама этабы менен конденсацияланган темаларга топтолушун камсыздады. Ачык коддоо бардык байкоолорду категориялардын жардамы менен белгилөөнү талап кылып, жүздөгөн баштапкы коддор пайда болушуна алып келди. Негизги коддоо процессинде кеңири маанилүү ачык коддор топторго бириктирилип, ашыкча жана кайталанма маалыматтар чыгарылды. Соңунда, тандама коддоо алынган натыйжаларды бул отчётто берилген мазмундуу жыйынтык темаларга бириктирүүгө мүмкүндүк берди.

Анализдин этабы менен катар эле үчүнчү этап өткөрүлүп, анын жүрүшүндө жер-жерлерде орус ЖМКларынын кабыл алынышы фокус-топтук дискуссиялардын (ФТД) жардамы менен изилденди.

**6**
**фокус-топтук дискуссия**




**58**
**катышуучу**



Жалпысынан үч шаарда: түндүктөн Бишкек шаарында, түштүктөн чоңдугу боюнча экинчи орунда турган Ош шаарында жана өлкөнүн борборунда жайгашкан Нарын шаарында (ар бир шаарда экиден жолугушуу) алты ФТД өткөрүлдү. ФТДлар 1,5 сааттан 2 саатка чейин созулуп, 18 жаштан 60 жашка чейинки жарандар катышты. Жалпысынан фокус-топторго 58 киши - 29 аял жана 29 эркек катышты. Катышуучулар түрдүү кесиптик, этностук жана тилдик топтордун өкүлдөрү болду. Бишкекте ФТД орус тилинде, Ошто – орус жана кыргыз тилдеринде аралаш, ал эми Нарында – толугу менен кыргыз тилинде өткөрүлдү. Дискуссиянын тилин изилдөөчүлөрдүн командасы эмес, катышуучулар тандады.

ФТДлар стенограмма даярдоо үчүн гана эмес, анализдөө процессинде талкууларды кайра карап чыгуу мүмкүндүгүн камсыздоо максатында дагы аудиого да, видеого да жаздырылып алынды. Этикалык түшүнүктөрдөн улам жана теманын кылдаттыгын, саясий абалды эске алуу менен, изилдөө тобу фокус-топтордун катышуучуларынын жеке жашоолорунун коопсуздугун сактоо багытында тийиштүү чараларды көрүп, катышуучулардын берген жоопторун кеңири маанисинде колдонду, түздөн-түз цитаталоо зарыл болгон учурларда курактык топко таандыктыгынан тышкары, алардын ким экендигин, ошондой эле фокус-топтордун талкуулары өткөрүлгөн жерлерди ачыкка чыгарган жок.

Бул отчёт кыргызстандык изилдөө тобунун (материалдарды берүү жана тексттин фрагменттерин рецензиялоо) жана Нидерланддагы координатордун (рецензиялоо, редакциялоо жана жайынтык чыгаруу) жардамы менен БИ тарабынан даярдалды. Отчёт толугу менен түрдүү максаттуу топторду камтыш үчүн кыскартылган форматта дагы жарыяланмакчы.

## КЕЛЕЧЕКТЕГИ ИЗИЛДӨӨЛӨРГӨ КАРАТА ЧЕКТӨӨЛӨР ЖАНА СУНУШТАР

Бул изилдөөдө бир катар чектөөлөр бар. Сапаттуу эмгек болуу менен, изилдөө кезектеги иш үчүн баштапкы чекиттин ролунда кээ бир моделдерди гана аныктайт. Изилдөө бир гана россиялык мамлекеттик пропагандага фокусталып, жергиликтүү ЖМКларды же башка мамлекеттердин, маселен, Кытайдын, Түркиянын же батыш мамлекеттеринин ЖМКларын камтыбайт. Келечектеги изилдөөлөрдө Кытайдан, Түркиядан жана башка мамлекеттерден, ошондой эле ички каналдардан келген пропагандалык агымдын бар экенин, мүнөзүн жана таасирин анализдеп чыгуу максатка ылайык. Кабыл алуу маселелери жөнүндө айта турган болсок, фокус-топтордун натыйжалары болжолдуу моделдерди аныктап чыгууга жардам берет, бирок изилдөөнүн индуктивдүү ыкмасынан жана сапаттык мүнөзүнөн улам, аларды жалпы улуттук тенденцияларга же мыйзам ченемдүүлүктөргө чейин жалпылоо мүмкүн эмес.

Биринчи бөлүк.

# Кыргызстандагы россиялык медиалар




**Булактар жана ыкма**

Изилдөөнүн биринчи бөлүгү Кыргызстандын аудиториясы үчүн жеткиликтүү болгон кеңири таанымал россиялык ЖМКларга (жаңылык компоненттери менен) арналды. Карта түзүп чыгуунун натыйжасында алты телевизиондук канал (Биринчи канал, РТР, НТВ, Рен ТВ, РБК, Мир), жаңылыктардын бир интернет-агенттиги (Sputnik) жана үч газета (АиФ, МК, КП) тандалып алынды. Тандалган ЖМКлар көптөгөн социалдык медиа аянтчалардагы конвергенциясы менен активдүү иш алып баруусун эске алганда, бир нече форматта жеткиликтүү.

Бул бөлүмдө тандалып алынган ЖМКлар жөнүндө аудитория, жеке менчик түрү жана бюджети сыяктуу негизги маалыматтар берилген. Ал эми бул бөлүктө россиялык ЖМКлардын репортаждарынын анализи, алардын багытынын жана сунуш кылган репертуарынын кыскача сыпаттамасы орун алды.

Россиянын ЖМКлары Кыргызстандагы аудиторияга жаңылык материалдарынын ири көлөмүнө ээ көптөгөн каналдар аркылуу сүңгүп кирүүдө. Негизги пропагандалык берүүлөр менен жаңылыктарды камтыган Биринчи канал менен РТР трансляциялары Кыргызстандын өкмөтү тарабынан субсидиялагандыктан, алар кыргыз аудиториясына акысыз жеткиликтүү. МИР телерадиокомпаниясынын өнүмдөрү Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги жөнүндө макулдашуунун алкагында субсидияланат. Sputnik маалымат агенттиги жана үч газетанын (АиФ, МК жана КП) Кыргызстанда өкүлчүлүктөрү иштейт. Муну менен катар эле, россиялык ЖМКлардын көптөгөн директорлору, продюсерлери жана алып баруучулары Украина, ЕБ, АКШ жана Канаданын санкцияларына киргизилген.

Россиянын кээ бир мамлекеттик ЖМКлары тууралуу так жана актуалдуу маалыматты табуу өтө кыйын. Россиянын Каржы министрлигинин маалыматына ылайык, 2021-жылы мамлекеттик ЖМКларга багытталган бюджеттик ассигнациялардын расмий жылдык көлөмү 13,9 миллиард рубль (болжол менен 1,4 миллиард АКШ доллары) түзгөн болсо, 2022-жылы бул көрсөткүч 128,2 миллиард рублга (болжол менен 1,6 миллиард АКШ доллары) жеткен [7].

Министрликтин бюджети жөнүндө мыйзам долбоору 2024-2025-жылдарга карата ЖМК бюджетинин кыскартылышын караштырат. Анткен менен, 2022-жылдын биринчи эле кварталында Россияда ЖМКларга мамлекеттик колдоо 2021-жылдын ошол эле мезгилине салыштырмалуу үч эсе көбөйтүлгөнү айтылат [8].

7. Россия Федерациясынын Каржы министрлиги (2022). Жарандар үчүн бюджет 2023-2025. 2023-жылга жана 2024-2025-жж. пландуу мезгилине карата федералдык бюджет жөнүндө федералдык мыйзам долбоору. minfin.gov.ru. https://minfin.gov.ru/ru/document/?id_4=300588
8. The Moscow Times. (12.04.2022). Пропагандага багытталган миллиарддар. Согушка байланыштуу бюджеттен МамЖМКларга багытталган чыгымдар үч эсе көбөйдү. https://www.moscowtimes.ru/2022/04/12/milliardi-na-propagandu-rashodi-byudzheta-na-gossmi-podskochili-vtroe-na-fone-voini-a19511

Камтуу жагынан алганда, көрүүчүлөр менен окурмандардын аудиториясына так баа берүү да татаал маселе. Болжолдуу көрсөтмө маалыматтарды социалдык тармактардан катталуучулардын саны боюнча алууга болот. 1-тиркемеде кээ бир ЖМКлардын социалдык тармактардагы абалы жана катталуучуларынын саны жөнүндө толук маалымат берилген.

КТРК (ошол эле УТРК жана КТРК) — Кыргыз Республикасынын эң ири Улуттук телерадиоберүү корпорациясы. 2017-жылы Россиядан делегация келип, КТРК директору менен сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында айрым россиялык телеканалдар КТРКнын социалдык пакетине киргизилген [9] — демек, алар мамлекеттик бюджеттин эсебинен субсидияланат. Кыргызстанда де-факто мамлекеттик каналдарга айланды. Алар Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык иштеши керек. Ал эми мыйзам боюнча, контенттин 50 пайызынан кем эмес бөлүгүн ата мекендик өндүрүш түзүүгө жана кыргыз тилинде көрсөтүлүүгө тийиш. Бирок, де-юре алар чет өлкөгө таандык болгондугуна байланыштуу, ишмердүүлүгү эл аралык келишимдердин негизинде жөнгө салынышы керек. Бул болсо кыргыз мыйзамдарына көз жумуп коюуга негиз болууда [10].

Кыргызстандагы россиялык ЖМКлар стили, репертуары, басымдуулук кылган тематикалык багыты жана пропагандалык ыкмалары боюнча айырмаланышат.

Кээ бирөөлөр Путин менен Россиянын аткаминерлерине көбүрөөк көңүл бурса, айрымдары расмий билдирүүлөрдү жагдайды аудитория үчүн пайдалуу ракурста баяндап берген пропагандисттердин сүйлөгөн сөздөрү менен айкалыштырышат. Кээлеринде атайы чакырылган эксперттер чыгып сүйлөшөт. Алар жергиликтүү орус да, батыштык да (бирок Батышты сындаган) да, кыргыз (Россияны колдогон) эксперттер да болушу мүмкүн. Ошондой эле басылмалар өндүрүп чыгарган маалыматтын көлөмү боюнча айырмаланат. Тандалган мезгил аралыгында өзөктүү «Украина» сурамы боюнча Sputnik 2000 макала чыгарып берсе, Биринчи каналда бул көрсөткүч 10 эсе жогору.

Үч газетанын тең: АиФ, КП жана МКнын Кыргызстанда бөлүмдөрү иштейт, бирок орус тилинде жарыяланып, толугу менен Россиянын маалымат күн тартибине багытталган. Газеталар басма түрүндө да, Интернеттен да жеткиликтүү. Sputnik жаңылык агенттигинин Кыргызстанда филиалы бар, орус жана кыргыз тилдеринде жарыяланат. Балким, орус медиаларынын жергиликтүү филиалдарынын болушу өлкөнүн «Киргизия» деп аталган колониалдык формасын эмес, мезгил-мезгили менен «Кыргызстан» аттуу де-советтештирилген версиясын (айрыкча Sputnik.kg) колдонушунун себебидир.

9. *К. (n.d.). Россиянын ОРТ жана РТР каналдары КТРК елетүркүмүнөн трансляцияланат. Кыргыз Республикасынын Улуттук Телерадиоберүү Корпорациясы.*
https://www.ktrk.kg/kg/post/13345/ru
10. Айдаров, Ж. (2022, 6-январь). «Эфирге чыгуу эрежелерин баары сактоого милдеттүү». Азаттык Радиосу (Эркин Европа/Азаттык Радиосунун кыргыз кызматы).
https://rus.azattyk.org/a/31642147.html



Экинчи бөлүк.

# Жиберилген билдирүү



### Булактар жана ыкма

Бул бөлүм отчётту даярдоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды топтоонун, категорияларга бөлүштүрүүнүн жана анализдөөнүн жайынтыктарын камтыйт. Корутундулар сыпаттама формасында төмөндө берилди. Россиялык ЖМКлардагы нарративдер же жалпы темаларды жана пропагандисттик ыкмаларды козгоо менен жалпы жонунан каралып чыгат, же болбосо конкреттүү ЖМКларга жана жаңылык материалына таандык. Отчёттун авторлору маалымат базасынан алынган материалдардын баарын аннотациялабай эле коюуну чечти. Себеби, кээ бир жаңылыктар белгилүү бир убакыт өткөн соң изилдөөгө алынган маалымат агенттиктеринин санарип архивдеринен жок кылынган. Аннотация колдонулса, демек, ал изилдөөгө алынган россиялык 10 ЖМКга таандык болбогон материалдарга тиешелүү.

Россиянын пропагандасын төрт блок боюнча структуралаштырууга болот. Мында Украинадагы согушка, Батыштын позициясына, Россиянын максатына жана Россия менен Кыргызстандын ортосундагы мамилелерге карата көз караш сунушталат. Биринчи сегментте Украина өлкөнүн бир бөлүгүн нацисттер басып алган жасалма мамлекет катары мүнөздөлөт. Россиянын баяндоолору боюнча, Украина Россиянын мурастарын тоготпоо менен Батышка карай умтулуунун ортосунда «жолунан адашып» калганын айтууга болот. Экинчи сегментте Батыш моралдык жактан начарлап бара жаткандыктан, ал Украинанын башкы көйгөйү, ошондой эле дүйнө жүзүндөгү элдердин эзүүчүсү экени айтылат. Батыш «коллективдик» жана «каардуу» деп мүнөздөлөт. Үчүнчүсүндө, Россия Батышка каршы тургандыктан жана муктаждарга кол сунгандыгы үчүн моралдык баалуулуктардын коргоочусу болуп сыпатталат. Россия – «ыйык», анткени ал Батышка каршы туруу менен башкаларга (мисалы, Украинага) «адилеттүү/адеп-ахлактык» жолду көрсөтүүдө. Кыргызстан тууралуу төртүнчү сюжеттик линия — Кыргызстандын орус дүйнөсүнүн уландысы экендиги жөнүндө, жана бул нарративде дайыма «көз карандылык» түшүнүгүнө басым жасалат. Бул жалпы темалардын ичинде ЖМКларга жараша өзгөрүп туруучу подтемалар бар. Себеби жаңылык булактарынын ар бири өз репертуарынын алкагында иш алып барат. Корутундулар кеңири резюме түрүндө да, конкреттүү үзүндүнү түздөн-түз цитаталоо түрүндө да берилген.

# 1. Жолунан адашкан Украина, жасалма нацисттик мамлекет

Биринчи каналдын жаңылык материалдарынын бири да Россия менен Украинанын контекстинде «согуш» деген сөздү колдонбойт. Өлкөгө басып кирүү аракеттерин «демилитаризация», «Украинаны денацификациялоо», «Украинадагы операция», «атайы операция», «тынчтыкты орнотууга багытталган атайы операция», «Украинадагы окуялар», «Украинанын айланасындагы абал», «Украинадагы жаңжал» сыяктуу сөздөр менен баяндашат. Биринчи каналда маал-маалы менен Украина жасалма жол менен курулган мамлекет экендигин чагылдырган макалалар, жаңылыктар, видеолор жана документалдуу фильмдер көрсөтүлүп турат. Мунун көрүнүктүү мисалы болуп, Россиянын өзүнө таандык аймагын кайтарып алгандыгын чагылдырган, географиялык сюжеттери менен, ошондой эле түз эфирден Украинанын Россиянын көзөмөлүндө болгону жакталган жана Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда Украинанын улутчулдар менен кызматташтык жүргүзгөнүнө далилдер келтирилген «Время вспомнить» программасы эсептелет. Сюжет көбүнчө Россиянын Украинага же украиндерге каршы эмес, коркунуч жараткан түрдүү топторго каршы күрөшкөнүн чагылдырат. Душман — улутчулдар, неонацисттер, бандеровчулар[11] — орустарды өлтүрүүнү көздөгөн кооптуу, жырткыч жана кан ичкич катары өз бетинчелигинен ажыратылып көрсөтүлөт.

Экинчи дүйнөлүк согуш тууралуу тез-тез эскертилип турушу жакшылыктын жамандыкка каршы, Россия кайрадан Европадагы нацизмге каршы күрөшкөндүгү тууралуу нарратив жаратууга жардам берет.

Украинадагы орустардын согушу башталган мезгилден тарта 2022-жылдын аягына чейин Биринчи каналда украиндик «террористтердин», «экстремисттердин», «радикалдар» менен «жоокесептердин» зордуктоолору жана ырайымсыздыгы жөнүндөгү репортаждар аркылуу украин аскерлеринин демондоштуруу аракеттери күчөгөн. Украинанын куралдуу күчтөрү белгилүү топтордун жалданма колу, заманбап нацисттер, баңгилер, НАТОнун жактоочулары, бандеровчулар, тыңчылар, кылмышкерлер жана фашисттик басып алуучулар катары сүрөттөлөт. Ошол эле учурда Биринчи канал Украинанын куралдуу күчтөрүн алсыз деп көрсөтүп, украиндик аскерлер куралдарын тапшырып, багынып берүүгө даяр экендигин билдирет. Россия болсо, туткунга түшкөндөрдүн баарына керектүү жардамдарды көрсөтүп жаткан ишенимдүү гавань катары сүрөттөлөт.

Украинанын бийлиги менен куралдуу күчтөрү бир гана Россия үчүн эмес, Украинанын өзү үчүн дагы коркунуч катары көрсөтүлөт. Жаңылыктарда «киевдик режим» Украинанын аймактарына багыттаган «тынч жаткан элдин ичиндеги тазалоолор», «жоокесептердин тынч жаткан элге сокку уруулары» сыяктуу терминология колдонулат. Кабарларда Украинанын куралдуу күчтөрү Донецк, Мариуполь жана башка шаарларга чабуул жасап, күнөөсүз элдерди өлтүрүп жатканы айтылат.

> Башжазуулар украиналык жоокерлердин жаш балдар менен улгайган жашоочуларга карата ырайымсыздыгына басым жасоо аркылуу күчтүү эмоцияларды жаратууга багытталган.

Sputnik Украина өкмөт мүчөлөрүн тынч жашап жаткан элге бүлүк салган өз элинин душманы катары көрсөтөт. «Украина бийлиги кишилерди ар кайсы шылтоо менен чогултуп, аларды аткылап туруп, батыш ЖМКларына кандуу постановкалык съемкаларды тартып алууну сунуштап жатат», «киев бийлиги тынч жаткан украиндерге атайылап сокку урууда»,

11. Степан Бандера башында турган Украинанын улутчулдар уюмунун фракциясынын атынан аталган.

«Мариуполдун басымдуу бөлүгүн эми шаарга кайра кайтып келе албай турганын түшүнгөн украиналык аскерлер бүлгүнгө учураткан» сыяктуу нарративдер бар. Sputnik басылмасындагы башжазуулардын биринде мындай деп жазылган: «Киев тынч жаткан элди кыргынга алып, бул боюнча Россияны күнөөлөп жатат, - деп билдирди БУУ КК». Башжазуу жаңылыш түшүнүк жаратат, себеби Коопсуздук Кеңешинин отуруму расмий өткөн эмес, ал эми мындай билдирүүнү Максим Григорьев — россиялык жалган БӨУ жана пропагантисттик сайт болуп эсептелген Демократия көйгөйлөрүн изилдөө фондунун директору жасаган.

> Sputnik.kg тарабынан Володимир Зеленськийдин образы «комик», «шут», «актер», «баңги», «долу», «эч качан ыраазы болбогон чыргоо бала» түрүндө мүнөздөлөт.

Ошол эле учурда Путин «талап кылган» жана «эскертип турган», ишенимдүү позицияга ээ лидер катары сыпатталат. Путиндин бул образына фокус-топтордун ичинде баа берилип, катышуучулар анын ишенимдүү лидерлигин оң таасир этүүчү фактор катары белгилешти.

Биринчи канал да Украинанын президенти Володимир Зеленськийди качан болбосун Европа менен АКШдан акча сурап отурганы менен шылдыңдап турат. Бул жерде чындык тандалма жол менен чагылдырылып, фактыларды калп менен байланыштырып манипуляциялаган пропагандисттик фактыларды тандап алуу техникасы колдонулат. Маселен, Зеленський Россия кол салган учурда Батышка жардам сурап кайрылган, ал эми Биринчи канал батыш өлкөлөрүнөн келген финансылык жардамдын Зеленськийдин чөнтөгүнө түшүп жатканын билдирүүдө. Европа Украинага аскердик колдоо жана качкындарга жардам берүүгө кеткен ири чыгымдардан тажагандай көрсөтүлөт. Тажаган Европа жөнүндө баяндоолор Sputnik.kg материалдарында да орун алган. Башында Биринчи канал да, Sputnik.kg да АКШ менен Европадан курал жана согуш техникасы алынып келгендиги тууралуу окшош жаңылыктарды жарыялашкан. Бирок согуш башталгандан алты ай өткөндөн кийин нарратив өзгөргөн: Sputnik.kg Батыш Украинага курал берүүнү кыскартып жаткандыгын, Европа Украинага курал берүүдөн, украиналык качкындардан тажаганын билдире баштаган.

Sputnik.kg «Россиянын Донбассты коргоо боюнча атайы операциясы» деген аталыш менен орус жана кыргыз тилдеринде регулярдуу хроника жүргүзөт. МК Россиянын Украинага каршы согушун чагылдырууда маанилүү роль ойноп, күн сайын «Украинадагы атайы аскердик операциянын» [12] хроникасын жарыялап турат. Анда Украинада электр жарыгы өчүрүлгөнүн жана инфраструктурасынын бузулушун кубануу менен баяндайт. Ошол эле учурда Россиянын имиджин коргоо боюнча чаралар көрүлүп, Украинанын инфраструктурасынын кыйрашы жөнүндөгү билдирүүлөр Россиянын келиши менен инфраструктура калыбына келип, жакшыра баштаганы жөнүндөгү баяндоолор менен бекемделет. МК күнүмдүк хроникасында салгылашууда жеңип чыккан Россия жөнүндө кабарлап, артка чегинүүлөр душманды дүрбөлөңгө салган стратегиялуу аракеттер катары көрсөтүлөт.

МК Россиянын Москва жана Санкт-Петербург шаарларынан алыс жайгашкан аймактардын жашоочуларынын, алардын ичинде этностук азчылыктардын өкүлдөрүнүн да атайы аскердик операцияга катышып жатканын активдүү жайылтууда. Аларга ооруканаларда, бала бакчаларда женилдиктерди берүү, банк төлөмдөрүнүн мөөнөтүн узартуу, транспорт салыгынан бошотуу, ал тургай бекер отун берүү сунушталып жатканы айтылат. Мындан тышкары, Sputnik.kg мобилизациялангандарга 195 000 рубль (болжол менен 2 500 евро) төлөнүп берилгенин белгилеп, Кыргызстандын аудиториясына россиялык куралдуу күчтөрдүн катарына кирүү кыйла эле пайдалуу экенин потенциалдуу кабарлап келген.

12. Россиялык ЖМКлар «в Украине» дегендин ордуна принциптүү түрдө «на Украине» колониалдык туюндуруусун колдонушат.

Согуш тууралуу баяндоо менен, МК анда катышкан конкреттүү күчтөрдүн же жактардын аттарын атабайт, анын ордуна Украинага россиялык пилотсуз учактар менен ракеталар аркылуу чабуул жасалып жаткандыгын белгилейт. Куралдуу күчтөрүнүн айрым аскер кызматкерлеринин аты-жөнү айтылган өтө эле аз сандагы билдирүүлөрдө МК алардын мекени үчүн баатырларча курман болгондугун белгилейт. Украинанын куралдуу күчтөрүнүн арасындагы жоготуулар менен «укронацисттерди жок кылуу» күн сайын хроникага чыгарылып турса да, Россиянын жоготуулары жөнүндө сөз болбойт.

## ОРУСТАРДЫ КОРГООДОН «БИЗДЕ БАШКА АРГА ЖОК ЭЛЕ» ДЕГЕНГЕ ЧЕЙИН

Украинанын, элинин жана саясий жетекчилигинин образы орус ЖМКларынын дискурсунда эволюцияга туш болду. Украиндерди неонацизмге айыптоонун негизги нарративи туруктуу фактор бойдон калганы менен, кол салуунун себеби мезгил өткөн сайын өзгөрүп жатты. Башында русофондор жана өздөрүн Россия менен байланыштыргандарды киевдик режимдин агрессиясынан коргоо жөнүндө көп сандагы баяндар чыгып жатты. ЖМКларда «украиналык нацисттерди» «сегиз жыл бою Донбасстын балдарын өлтүрүп келгендиги» үчүн айыптаган окшош мантралар кайталана берген. Согуш күчөгөн сайын «Россияда башка арга жок эле» нарративи Украина тараптан ядролук жана биологиялык курал колдонуу боюнча потенциалдуу коркунуч шарттарында атайы аскердик операциянын артыкчылыктарына басым жасай баштады. Акырында кол салууга актануу катары Украинаны «колониалдык басып алуучулардан» сактап калуу миссиясына өзгөрдү. Бул жерде басып алуучулар деп, АКШ, НАТО жана ЕБ өкүлчүлүгүндө Батыш эсептелет.

РБКда согуштук риторика убакыт өткөн сайын эмоционалдык жактан күч алып, россиялыктарды «азап чеккен элдин» коргоочулары катары сыпаттап, алардын патриоттук сезимине таасир эте баштайт. Ошол эле учурда жаңы репортаждарда украиналыктарды дегуманизациялоо жана демондоштуруу аракеттери уланат. Бучадагы кыргындын чагылдырылышы Россиянын дезинформациясы менен кастык тилин колдонуусуна ачык мисал боло алат. Дүйнөлүк ЖМКлардын Бучадагы тынч жаткан элди массалык өлтүрүүлөр жөнүндөгү билдирүүлөрүнө реакция кылуу менен, россиялык ЖМКлар бул билдирүүлөрдүн «фейк» жана «Украина пропагандасынын өнүмү» экенин белгилешет. Бучадагы окуялар фейк экендиги тууралуу РБК билдирүүлөрү фейк маалыматтар үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартыла тургандыгын эскертүү жана орус армиясы менен анын атайы аскердик операциясын дискредитациялап жаткандыгын белгилөө менен коштолот. РБК Россиянын Роскомнадзор байланыш цензору ЖМКларга Украинадагы окуяларды чагылдырууда Россиянын расмий булактарын гана колдонууга тапшырма бергенин билдирет. Бул чаралардын алкагында, РБК, Украинанын Черновцы шаарынын мэри фейктерди тараткандыгы үчүн Россиянын Тергөө комитети тарабынан текшерүүгө алына тургандыгын билдирген. Мындай кабарлар Россияны чындыктын булагы катары гана эмес, Украинанын мамлекеттик органдарынын ишине тергөө жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу өлкө катары да позициялайт. Sputnik.kg дагы Бучадагы окуяларга реакция кылып, «Антитеррор-Альфа» ветерандардын коомдук бирикмесинин төрагасы Артур Медетбеков жана жаңылыктарда Буча – прогрессивдик технологияларды колдонуу менен коомдук пикирди манипуляциялоонун мисалы деп айтып чыккан Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасынын мурдагы орун басары сыяктуу жергиликтүү эксперттерге таянуу менен, Украинаны үгүттөө иштерин жайылтуу аракеттери боюнча айыптап чыккан. Кээ бир басылмалар бири-бирине каршы келген маалыматтарды жарыялашкан. Маселен, башка ЖМКлар сыяктуу эле, КП дагы башында Бучаны этникалык орустардын геноцидин демилгелөө жана негиздөө максатында ойлонуп табылган пландуу постановка катары чагылдырган. Анткен менен, КПнын айрым репортаждарында Бучадагы катардагы жарандар нацисттер тарабынан атылып өлтүрүлгөндүгү баяндалат.

Биринчи канал сыяктуу эле, Sputnik Россиянын «өзүн жана Украинаны» коргоп калуу үчүн башка аргасы жок болгондугун айтат. Көбүнчө Владимир Путин, Сергей Лавров, Дмитрий Песков, Сергей Нарышкин, Дмитрий Медведев, Сергей Шойгу, Мария Захарова, Алексей Пушков жана Дмитрий Полянский айткан сөздөр цитаталанат. Анткен менен, Sputnik Украинадагы окуяларды чагылдырууга Кыргызстандык эксперттерди да тартып келет. Мунун көрүнүктүү мисалы болуп, коопсуздук эксперти жана спецназдын ветераны Нурлан Досалиевдин катышуусундагы Украинанын Кыргызстанга каршы колдонулушу мүмкүн болгон биологиялык, генетикалык жана ядролук курал даярдап жаткандыгы туурасында жарыяланган макалалар эсептелет. Досалиев «Украинадагы улутчулдар «булганыч» ядролук бомба даярдоонун үстүнөн катуу иштеп жаткандыгын» белгилеген. Андан соң эксперт COVID-19 инфекциясын «АКШ демөөрчү болгон» Кытайдын Ухань шаарындагы биолаборатория менен байланыштырып, лабораториянын Россия менен Кытайды күчүнөн тайдыруу стратегиясы катары вирусту жайылтууга жооптуу экенин билдирген. Sputnik.kg Россия реакция кылууга аргасыз болгон согуштун келип чыгышынан дайыма АКШны күнөөлөп, бул согушту АКШ Россияны жок кылып, Украинага курал сатуу максатында чыгарган деп эсептейт.



## 2. Дүйнөдөгү тынчтыкка бүлүк салган «жаман жөрөлгөлүү Батыш»

**БАТЫШ АКШНЫН ЖЕТЕКЧИЛИГИ МЕНЕН УКРАИНАНЫ МАНИПУЛЯЦИЯЛАП, РОССИЯНЫ ЖАМАН АРАКЕТТЕРГЕ АЗГЫРДЫ**

Кошмо Штаттардын башкаруусунда батыш державалары Украинаны Россиянын душманына айлантуу максатында манипуляциялап жаткандыгы менен айыпталууда. Чындыгында, Европа дискурсивдүү түрдө коллективдик Батышка киргени менен, көп учурда АКШнын манипуляцияларынын курмандыгы катары көрсөтүлөт. Коллективдик Батыш белгиленген темалардын баарында катышат жана НАТО, ал тургай БУУнун Адам укуктары боюнча комитети сыяктуу БУУ институттарын камтыйт. Коллективдик Батышты дүйнөнү башкарам деген максат менен башка мамлекеттерге өзүнүн баалуулуктарын таңуулап жатат деп күнөөлөп келишет. Украинадагы согуштун курчушу менен бул нарратив Россиянын глобалдык көп полярдуулуктун коргоочусу экенин көрсөтүүдө, ал эми анын Украинага кол салуусу Батыштын таңуулап жаткан баалуулуктар системасына каршы бүтүндөй дүйнө жүзүнүн жыргалчылыгы үчүн превентивдүү чара катары кабыл алынат. Ошол эле учурда Биринчи каналдын репортаждарында киевдик режим Батыштын колдоосу менен химиялык, биологиялык жана ядролук курал колдонуу боюнча кылмыштуу пландарын ишке ашырууну көздөп жатканы айтылат.

Биринчи канал АКШны Россиянын биринчи катардагы душманы катары чагылдырат. АКШга карата аларды демондоштуруу үчүн ар кандай маалыматтар колдонулат. Биринчи каналдын Америка Кошмо Штаттары жөнүндө билдирүүлөрүндө «согуш» деген сөз «бул согушту АКШ баштады» жана «согушка АКШ кызыкдар» контекстинде колдонулат. Репортаждардын көпчүлүк бөлүгү АКШнын президенти Джо Байденге арналган. Материалдарда «алаңгазар», «иш-аракетке жөндөмсүз», «принципсиз», «эл алдында таң каларлык аракеттер», «үй-бүлөлүк скелеттер», «жолунан адашкан», «согуштук кылмышкер», «Байдендин ыйык согушу», «акылынан адашкан» жана «бул согуштун башкы бенефициары» сыяктуу фразалар менен сөздөр колдонулат. Бул нарративдер катышуучулар Байденди адекваттуу эмес деп кабыл алгандыгын билдирген ФТДларда да айтылган.

Согуш АКШ үчүн пайдалуу деп көрсөтүлгөнү менен катар, антироссиялык санкциялар Европага, айрыкча энергетикалык кризистин шарттарында зыян келтирүүдө деп билдирилет.

> Россияга каршы санкциялардын контекстинде Биринчи канал мунун Россиянын потенциалын өнүктүрүү жана башка өлкөлөр менен кызматташтык түзүү үчүн жакшы мүмкүнчүлүк экенин белгилейт.

Вести дагы ушул эле нарративди колдонуп, россиялык жарандар үчүн Европага туристтик саякатка баруу өтө эле кыйынга туруп жаткандыгынан улам, Ямал сыяктуу жергиликтүү багыттар патриоттук жактан альтернативдүү сунуштар болуп эсептелгенин билдирген. Чет өлкөгө чыгууну каалагандар үчүн КМШ өлкөлөрү боюнча багыттар россиялык жарандарга «ачык» деп белгиленет. Батыш санкциялары мындан ары Россия үчүн эмес, санкция киргизген өлкөлөрдүн өздөрү үчүн зыяндуу боло турганы күтүлүүдө. Вести Россиянын газынан куру калган Германиянын тоңуп, ал эми Россиянын көмүрү жок Польшанын кыйналып жатканын билдирүүдө. Улуу Британиядагы финансылык көйгөйлөрдү орус алтынынын жеткиликтүү болбой калгандыгы менен байланыштырса, Европадагы орус активдеринин тоңдурулушунан улам бүтүндөй доллардык системага коркунуч жаралып жаткандыгы айтылат. Вести боордош эмес мамлекеттер тууралуу жагымсыз жана сындоочу сөздөрдү айтуу менен катар, Беларусь, Кытай, КЭДР жана Венгрияны боордош өлкөлөр деп сыпаттоодо. РБК бул тизмени «мурунку советтик республикаларды», ЕАЭБ мүчөлөрүн, ошондой эле Индия, Пакистан, Сербия жана Венесуэла сыяктуу мамлекеттер менен толуктоону сунуш кылган.

Россияда экономикалык абалдын начарлашынан улам, АиФ репортаждарында формалдуу эмес лидерлердин, маселен, «жакырдык — бул кемчилик эмес» экендигин далилдөөгө аракет кылган актерлордун чыга баштаганын байкоого болот. Советтик жана азыркы мезгилдин артисттерин пропагандисттерге айлантуу — россиялык ЖМКлардагы кадыресе практика. Ошол эле учурда согушка каршы чыккан артисттер катуу сынга алынып, эл душманы аталууда. Өз кезегинде КП согуш башталгандан бери батыштын санкцияларына карабастан Ата мекенин колдоону уланткан артисттерди мактап келе жатат.

Согуштун алгачкы айларында Биринчи канал Европага карата бейтарап позицияда болуп, Европа лидерлери менен Путиндин ортосунда телефон аркылуу сүйлөшүүлөр жүрүп жаткандыгын кабарлап келген. Ал тургай жаңылыктардын кээ бир чыгарылыштарында айрым Европа өлкөлөрү (Венгрия, Сербия) Россиянын аракеттерин колдоп жаткандыгы да айтылган. Соңунда Улуу Британия, Германия, Франция жана Нидерланд сыяктуу өлкөлөр Украинага курал бергени үчүн катуу сынга алынган. Билдирүүлөрдө «коркуу», «Европанын начарлашы», «ЕБ үчүн караңгы келечек», «кризис», «инфляция» жана «өзүн өзү жок кылуу» сыяктуу сөздөр менен фразалар байма-бай колдонула баштаган. Батыш өлкөлөрүндөгү экономикалык абал Биринчи канал тарабынан жакын арада рыноктун шексиз рецессиясы жана кыйроосу күтүлгөн «табигый кырсыктын белгилери» байкалып жаткан абал катары сыпатталган.

Газга болгон баалар жөнүндөгү репортаждардагы маалыматтардын бир бөлүгү чындыкка дал келет, анткени Россия Украинаны басып киргенден баштап, Европа өлкөлөрүндө күйүүчү майдын баасы кескин жогорулап кеткен. Биринчи канал фактыларды тандап алуу техникасын колдонууда. Мында маалыматтардын бир бөлүгү чындыкка дал келгени менен, толук картина бурмаланып берилүүдө. Мисалы, Биринчи канал Украинага басып киргени үчүн Россия күнөөлүү эмес, тескерисинче, батыш өлкөлөрү Россияга каршы санкцияларды киргизүү менен өздөрүн соккуга учуратууда деп кабарлайт.

МКнын туруктуу темасы — Батыштын Россияга каршы санкциялары. Биринчи канал сыяктуу эле, МКнын жаңылык материалдарында киргизилген санкциялар демилгечилердин өздөрүнө зыян келтире турганы, ал эми коллективдик Батыш кыйрап бара жаткандыгы айтылат. Мындан тышкары, МК Украинанын батыш державаларынын ортосундагы араздашууларга себеп болгонун баса белгилейт. Батыш ЛГБТ коомуна толеранттуу мамилени жайылткандыгы үчүн анын баалуулуктары «үрөй учурарлык», «кыйратуучу» жана «табиятка каршы» деп сыпатталат. МК Батыш адамзатты бөлүп-жарууга аракет кылган учурда, анын башын бириктирүүгө аракет кылууга умтулган держава катары Кытайды көп мактайт.

Россиянын куралдуу күчтөрү Украинанын шаарларын аткылап жаткандыгы тууралуу батыш ЖМКларынын билдирүүлөрүнө жооп иретинде, Россиянын ЖМКлары бейкүнөө элдин өлүмүнө коллективдик Батышты жана Украина өкмөтүн күнөөлөп чыгышкан. Мисалы, Вести мындай башжазууларды жазып чыккан: «Экөө көз жумду, үчөө жарадар болду: Донецк америкалык гаубицалар менен аткыланды».

> Көбүнчө Россия согуштан коргонууга аракет кылган качкындар үчүн коопсуз башкалка катары сүрөттөлөт. Жаңылыктарда Украиналык качкындарды Россиянын шаарлары кабыл алып, турак-жай менен камсыз кылып жатканы, балдарды санаторийлер менен ден соолукту чыңдоочу лагерлерге жиберип жатканы айтылат.

Россияда Батышка каршы нарратив эл алдына чыгып сүйлөөлөр жана жаңылыктар менен гана чектелбейт. РБКнын билдирүүсүнө ылайык, Москва менен Киевдин мамилеси, Батыштын Россияга кысым көрсөтүүсү жана согуштук операция сыяктуу темалар президенттин жардамчысы жана Россиянын аскердик-тарыхый коомунун төрагасы Владимир Мединскийдин редакциясы астында мектеп программасынын окуу китептерине киргизилет. Мындан тышкары, мамлекет массалык маданияттын пропагандисттик өнүмдөрүн инвестициялайт, маселен, Маданият министрлигинин билдирүүсү боюнча, фильм жаратуу сынагы атайы азыркы Россиянын тарыхындагы глобалдык геосаясий жана социалдык өзгөрүүлөр жөнүндөгү маанилүү темаларга арналмакчы.



**КОЛЛЕКТИВДИК БАТЫШ ГОМОСЕКСУАЛИЗМ СЫЯКТУУ ТАБИЯТКА КАРШЫ БААЛУУЛУКТАРДЫ ЖАЙЫЛТКАН КААРДУУ ЖАНА ШАЙТАНДЫК ДЕРЖАВА ДЕП МҮНӨЗДӨЛӨТ.**

Батыш гомосексуализм менен баңгизаттарды пропагандалоону максат кылган дүйнөлүк жашыруун өкмөткө кирген держава катары көрсөтүлөт. Бул нарративдер фокус-топтордун ичинде катышуучулардан батыш ЖМКлары жөнүндө кеп болгондо кандай ассоциациялар жарала турганын сыпаттап берүүлөрүн өтүнгөн учурда да айтылган. Себеби, катышуучулардын көбү батыш ЖМКларын ЛГБТ сыяктуу жат жана моралга сыйбаган баалуулуктардын жайылтуучулары деп сыпатташкан.

РенТВ Европаны ЛГБТ популярдуулугу менен элдердин балалуу болууну каалабагандыгынан улам деградацияланып жана соолуп бара жаткан өлкөлөр катары чагылдырат. Феминисттик идеялар калктын көбөйүүсүнө каршы күрөшүү жолу катары, салттуу баалуулуктар менен жашаган үй-бүлөрдү бузуунун инструменти сыпатында көрсөтүлөт. Билдирүүлөрдө Европа менен АКШда жеңилирээк баңгизаттарды мыйзамдаштыруу - элди баш ийдирүүнүн жана тил алдыруунун жолу экендиги белгиленет. Бул нарративдер Украина менен байланыштуу, анткени репортаждарда Батыштын Украинаны аморалдык ык-амалдары менен манипуляциялап жана азгырып жаткандыгы айтылат. Кээ бир материалдарда Украинанын масондордун долбооруна айлангандыгы тууралуу кабарланган учурлар кездешет.

# 3. Ыйык Россия жана «анын» дүйнөсү

Россиянын Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигиндеги (КМШ) жумшак күчү менен таасиринин негизги инструменттеринин бири болуп, орус тили эсептелет. Орус тили КМШ өлкөлөрүн бириктирип турган жана мүчө мамлекеттердин баары түшүнгөн жалгыз тил катары көрсөтүлгөн. Орус тилинин ордуна жергиликтүү тилдерди колдонуу аракеттери болгон учурда, россиялык ЖМКларда эмоционалдык реакция пайда болот. Айта кетсек, Вестинин журналисттери орус тилине эмес, жергиликтүү тилдерге артыкчылык берүү аракеттерин «катастрофа», «тоталдык тазалоо» жана «антироссиялык чаралар» деп аташат. Мисалы, Латвия россиялык телевидениелердин көрсөтүлүшүн чектеп, орус тил сабактарын факультативдик кылып койгондо, Россиянын аткаминерлери менен журналисттери бул чараларды русофобия, шовинисттик цензура жана ЖМКлардын геноциди деп аташкан.

Ошол эле учурда ЖМК нарративи орус тилинин борбордук ролун баса белгилеп келет. Маселен, Вести украиналык спортчулар орус тилинде сүйлөшкөнүн, ФИФА (Футбол ассоциациялардын эле аралык федерациясы) орус тилин киргизгенин, ал эми Казакстандын президенти Касым-Жомарт Токаев казак тилинде эмес, орус тилинде көбүрөөк сүйлөгөнүн билдирет. Орус тили илим жана билимдин эне тили болуп саналат. Кайра эле Вестини мисал келтирели: ага ылайык, жакшы билим алыш үчүн орус тилин билүү зарыл. Мындай ырастоо монголдордун Иркутск университеттерине тапшыруу максатында орус тилин үйрөнүп жаткандыгы менен бекемделет.

Россиянын 2022-жылдын 24-февралынан кийинки пропагандасы — Путиндин президенттик кызматта болгон мөөнөттөрүндө айтылган нарративдердин комбинациясы. Эми алар бир массага бириктирилип, ар кандай жаңылык программалары менен ток-шоулар аркылуу аудиторияга жеткирилип жатат. Пропаганда Россиянын падышалык тарыхына берилген шилтемелерден баштап, орустардын ажыраган жерлерин кайтаруучу, коопсуздук жана ар-намыстык кепилдиги, улуттук идеологиянын шыктандыруучусу катары Путинге салыштырууларды камтыйт. Советтик доор алтын кылым — кара ниет Батыш тарабынан уурдалган бейиш сымал көрсөтүлөт. Советтер мезгилинде Россия союзга кирген мамлекеттерди багып келген жана муну бүгүнкү күндө да аткарууда.

Бирок кээ бир өлкөлөр жакшылыкты унутуп, азгырма Батыш менен кызматташууну тандап, жолунан адашууда. Экинчи дүйнөлүк согушка салыштыруу менен, пропаганда Украинанын Батыш менен кызматташуусун нацизмге теңейт.

**АЗЫР РОССИЯ УКРАИНАГА КЫЛЫП ЖАТКАН НЕРСЕЛЕРДИ БАТЫШ БАШКА ӨЛКӨЛӨРГӨ КЫЛЫП КЕЛГЕН.**

Дискурсивдүү карама-каршылык бир жагынан, коллективдик Батышты демондоштуруу менен, экинчи жагынан, «силер кылганды биз деле кыла алабыз» деген риторика аркылуу сындалган иш-аракеттерди тууроо менен байланыштуу.

Путиндин сүйлөгөн сөздөрү менен эксперттердин пикирлерине таянып, МК АКШнын Хиросима менен Нагасакини бомбалап, ядролук курал колдонуунун прецедентин түзүп койгондугу тууралуу нарратив жаратууда. Мындан тышкары, МК Батышка Сербиянын инфраструктурасынын НАТО тарабынан бомбалангандыгын бир нече жолу эскерткен: «Өз убагында альянс Югославияга (дагы башка жерлерде) каршы агрессиялардын учурунда инфраструктура объектилерин жок кылгандыгын айтып мактанганын Батыштын өкүлдөрү унутуп калышкан го». Жалпы нарративдер: «НАТО биздин чек араларга өтө эле жакындап келди», «НАТОнун генералдары Крымды өздөрүнүн аскердик плацдармына айлантууну кыялданып келген». Бул нарративдерде маалымат агенттиктери Путиндин айткан сөздөрүнө таянууда. Анда Путин Европа өлкөлөрүнүн биринин борбору – Белграддын бомбаланышына НАТО күнөөлүү экенин билдирген.

АиФ НАТО жөнүндөгү бул идеяларды дүйнөнү башкаруу үчүн атаандаштыкты талкуулоо аркылуу кыйла кеңири мааниде бергенге аракет кылат. Мисалы, газета мындай деп жазган: «Батыштын өзүнүн цивилизациялык баалуулуктарын башка өлкөлөргө таңуулоого умтулушу АКШ менен Евробиримдиктин трансатлантикалык альянсынын трансулуттук компаниялардын кызыкчылыктарын камсыздоо менен геосаясий мейкиндикте лидерлик позицияны ээлөөгө болгон ниетин чагылдырат».

Бул тематикада россиялык пропаганданын негизги билдирүүсү Россия жакшы адамдарды коргоо жана жамандардан арылуу үчүн бар экендигинде. Пропагандада Батыштын түп-тамырынан бери эле аморалдуу, гомосексуалдуу, ал тургай жаныбарлар менен катнашка барууну практикада колдонуп келгени айтылат. Россиянын 1991-жылы Горбачев сыяктуу мамлекеттин душмандары өлкөгө кыянаттык кылып, Батыштын тебелендисине калтырган учурда колунан алдырып жиберген күчү менен глобалдык абалын кайтаруу үчүн мезгил келип жеткенине басым жасалат.

1990-жылдардагы көңүл калуулар Путиндин тарыхый адилеттүүлүктү калыбына келтирүү жана Россиянын кайра жаралуусун камсыздоо аракеттеринин контекстине байланыштырылат. Кыргызстан сыяктуу өлкөлөргө бул аракеттерди колдоо сунушталат, антпесе, Украинадагыдай кесепеттер келип чыгышы ыктымал.

## 4. Көз каранды Кыргызстан башынан эле Россиянын уландысы

Айрым орус ЖМКлары системалуу түрдө өлкөнүн атын колониалдык вариант катары «Киргизия» деп колдонушат. Мындай көрүнүш Кыргызстандын жарандык коомунун лидерлеринде наразылык жаратып келет. Кыргызстан үчүн Россия ар дайым кол сунууга даяр коңшу, башкаруучу аксакал, ошондой эле колдоо көрсөткөн, ал эми зарыл учурда жазалай ала турган жогорку инстанция сыпатында көрсөтүлөт.

Мисалы, отчёттордо Россиянын мигранттардын мурунку мыйзам бузууларын кечирип, кайра өлкөгө келип иштөөлөрү үчүн уруксат бергени айтылат. Россия негизги соода жана экономикалык өнөктөш, ошондой эле коопсуздуктун кепили; Борбор Азия өлкөлөрү умтулуп турган борбор болуп саналат.

### КАМЧЫ МЕНЕН ПРЯНИК: КООПСУЗДУКТУН ЖАНА ГҮЛДӨП-ӨНҮГҮҮНҮН КЕПИЛИ КАТАРЫ РОССИЯ

2022-жылдын 26-февралында Россия өкмөтүнүн расмий сайты Kremlin.ru мындай деп жазып чыккан: «Кыргызстандын демилгеси менен ишке ашкан Кыргыз Республикасынын президенти Садыр Жапаров менен Владимир Путиндин телефон аркылуу сүйлөшүүсү Россия Украинада жүргүзүп жаткан атайы аскердик операцияга байланыштуу абал тууралуу болду. Садыр Жапаров Минск келишимдеринин бузулгандыгы үчүн Киев жооп берерин белгилеп, Россиянын Донбасс элин коргоого багытталган чечкиндүү аракеттерин колдой турганын билдирди. Владимир Путин Кыргызстандын президентине принциптүү тилектештиги үчүн ыраазычылыгын айтты. Президенттер бардык багыттарда Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы стратегиялык өнөктөштүктү жана ич ара шериктештик мамилелерди чындоого кызыкдар экенин белгилешти» [13].

Мир, МК, Sputnik.kg жана Биринчи канал жаңылыкты ала калып, «Кыргызстандын президенти Россиянын Донбассты коргоого багытталган аракеттерин колдоду» деп жарыялап чыгышкан. Ал эми Кыргызстандын Россиянын аракеттерин колдогондугу тууралуу Бишкектен эч кандай расмий билдирүү түшкөн эмес. Бирок өлкөнүн бейтарап позицияда экендиги жөнүндө билдирүү жасалып, бул тууралуу 2022-жылдын 9-мартында[14] кабарланган. Россиянын 2022-жылдын февралында Украинаны басып кирүүсүнө карата чечкиндүү жана ырааттуу реакциянын жоктугун эске алганда, Россиянын шексиз колдоо тууралуу билдирүүлөрү аудитория тарабынан кабылданып, ФТДлардын талкууларында катышуучулар бул боюнча мамилелерин билдиришкен.

Кыргызстандагы абалды жана Россиянын Борбор Азия менен өз ара мамилесин чагылдырууда, РБК саясат, экономика жана коопсуздук маселелерине көбүрөөк көңүл бурат. Бул жерде деле батыш коркунучунун нарративи бар. РБК репортаждарында Россиянын ички чыр-чатактарды чечүү үчүн үчүнчү тарап, ошондой эле экономикалык жана стратегиялык өнөктөш жана тышкы зыяндуу таасирлерден коргой турган саясий шериктеш катары Борбор Азияга керек экени айтылат.

> Борбор Азия өлкөлөрү Россия менен Батыштын ортосундагы геосаясий кризиске байланыштуу эл аралык аренада өз эркиндигинен ажыратылган жана көз каранды мамлекеттер катары сүрөттөлөт.

Борбор Азияда Батыштын геосаясий кызыкчылыктарынын кагылышы РБКда «USAID Борбор Азияны Россиядан алыстатуу аракетин көрүүдө» жана «АКШ Борбор Азияга экинчи даражадагы санкциялар менен кысым көрсөтүүдө» сыяктуу жазуулар аркылуу чагылдырылган.

Россия Кыргызстандын жана жалпы эле Борбор Азиянын коопсуздугу менен гүлдөп-өнүгүүсүнүн кепили катары каралган учурда, КПнын айрым жаңылык билдирүүлөрү ЕБ менен Кыргызстандын Кеңейтилген өнөктөштүк жана кызматташтык келишиминин (EPCA) алкагындагы потенциалдуу кызматташтыгына карата коркутуучу мүнөзгө ээ болууда.

13. Россиянын президенти, (2022). Киргизиянын президенти Садыр Жапаров менен телефон аркылуу сүйлөшүү. http://en.kremlin.ru/events/president/news/67869
14. Розиев, И. (10-март 2022-ж.). Садыр Жапаров: Биз Россия менен Украинанын ортосундагы согушта бейтарап позицияны кармашыбыз керек. KLOOP.KG — Кыргызстандын жаңылыктары. https://kloop.kg/blog/2022/03/09/sadyr-zhaparov-my-dolzhny-zanimat-nejtralnuyu-pozitsiyu-v-vojne-rossii-s-ukrainoj/

Украина, Грузия жана Молдованын мисалдарын колдонуп, КП Кыргызстандын саясий жана экономикалык жактан Батышка көз каранды боло турганын; жана мындай келишимдин Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы мамилеге терс таасирин тийгизиши мүмкүн экенин, Евразия экономикалык биримдигинин (ЕАЭБ) алкагында потенциалдуу көйгөйлөр жарала турганын белгилейт.

МК репортаждары Кыргызстандын жаштарын Батыштын, социалдык тармактардын жана глобалдашуунун кыйратуучу таасиринен сактап калуу керек экендиги жөнүндө идеяны жайылтууда. Жаштарда аскердик-патриоттук баалуулуктарды калыптандыруу зарылдыгы бар экендигине байланыштуу аргументтер келтирилген. Бул жаңылык өнүмдөрүндө социалдык тармактар радикализм менен экстремизмдин булагы катары көрсөтүлүп, мектептерде милдеттүү аскердик билим берүүнү киргизүү зарылдыгы келечекте өлкөнү коргоо зарылдыгы менен негиздеелет. «Азыркы учурда жаштарыбызга идеялар сырттан таңууланып жатат жана күчтүү, көз карандысыз Кыргызстанды өнүктүрүү - алардын максатына кирбейт», деп цитаталайт МК 2022-жылдын апрель айында Баткен окуялары болуп жаткан учурда Путинге жасаган кайрылуусу менен белгилүү болгон политолог Азамат Темиркуловду. Темиркулов Путин менен КККУдан кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдын эскалациясын токтотуу үчүн мүмкүн болгон дипломатиялык чараларды, керек болсо аскердик чараларды көрүүлөрүн өтүнгөн. Жарым жылдан кийин ал президенттин администрациясынын реформаларды мониторингдөө жана анализдөө бөлүмүнүн жетекчиси болуп дайындалган. Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы чек ара жаңжалынын фонунда КККУ жардам берүүгө даяр уюм катары белгилүү. Россия «мурунку советтик республикага» колдоо көрсөтө турган берешен кол катары сүрөттөлөт. МК Россиянын финансылык жардамына ыраазычылык иретинде Кыргызстан «орус дүйнөсүн» колдоп жатканын айтат.

## КЫРГЫЗСТАНДА МАМЛЕКЕТТИК ИДЕОЛОГИЯНЫН ЖОКТУГУ

Кыргызстандын мамлекеттик идеологиясынын жоктугу өлкөнүн эгемендүүлүгүн кошкондо, «баарынан ажырашынын» себеби деп түшүндүрүлөт. Россиялык ЖМКлар жергиликтүү эксперттерге таянып, жат идеологияларга, маселен, Батыштан агылып кирип жаткан идеологияларга каршы туруу боюнча демилгелерди түзүү зарылдыгын белгилөө менен жеке ой жорууларын билдирүүдө. Бул нарративдер ФТДлардын ичинде да талкуу жаратып, катышуучулар жаштар менен иштөө жана аларды патриоттук духта тарбиялоо керектигин, ошондой же Кыргызстанда улуттук идеологиянын жана мамлекеттик пропаганданын болуусу зарыл экенин дагы белгилешти.

Мир телеканалы Россия менен Кыргызстандын ортосундагы жемиштүү жана ич ара пайдалуу мамилелер тууралуу кабарлайт. Россия Кыргызстанга ар тараптан жардам берип жаткандай таасир жаралат: «Россиянын билим берүү долбоору Кыргызстанда РФ мугалимдеринин санын көбөйтүүгө даяр», «Волонтер-мугалимдер Кыргызстандын алыскы айылдарында сабак беришет», «Кыргызстанда россиялык билим берүү жумасы өтөт», «Чын жүрөктөн жардам берүү: Кыргызстанда россиялык кардиохирургдар балдарга акысыз операция жасашат». Россия - Кыргызстан үчүн акыл-насаат берүүгө жана колун сунууга даяр өлкө, ал эми Кыргызстан — Россияга теңелүүгө умтулган реципиент мамлекет катары көрсөтүлөт. ЕАЭБ - Кыргызстанды алдыга карай сүрөгөн перспективдүү кызматташуу платформасы сыпатында.

2022-жылдын сентябрында кыргыз-тажик чек арасында болуп өткөн куралдуу жаңжалды чагылдырууда, Мир эки мамлекеттин расмий пресс-релиздериндеги маалыматка таянган. Мында Россияны жаңжалдагы ортомчу, ал эми КККУну – коопсуздуктун кепили катары көрсөткөн. Казакстандагы «2022-жылдагы январь окуяларынын» контекстинде дагы «ийгиликтүү операция жана КККУ мүчө мамлекеттеринин биримдиги — бул эске ала турган чоң күч экенин дүйнө жүзүнө далилдегени» үчүн КККУ жогору бааланган.

Sputnik.kg басылмасы орус-кыргыз мамилелерин бекем жана пайдалуу деп сыпаттайт.

Жаңылык билдирүүлөрүндө «кызматташтык», «достор», «боордош элдер» жана «Россия жардам берип жатат» сыяктуу сөздөр байма-бай колдонулат. Мындан тышкары, Sputnik.kg Россияны өзүнүн ар кандай колдоо программалары, университеттери жана алмашуулары аркылуу кыргыз элинин билим алуусуна салым кошуп жаткан өлкө катары көрсөтөт. Россиянын мугалимдерин белгилүү бир мөөнөт иштөө үчүн Кыргызстанга жиберүүнү максат кылган «Россиялык мугалим чет өлкөдө» аттуу долбоору бар. Sputnik.kg Россия Кыргызстанга мугалимдердин жетишсиздиги маселесинде жардам берип жатканын жазат.

АиФ Кыргызстан менен Россияны байланыштыруу максатында советтик доордон калган чоң майрамдарды активдүү колдонуп келет. Албетте, негизги окуя болуп, 9-майда белгиленген Улуу Ата Мекендик Согуштагы Жеңиш күнү эсептелет. «Өчпөс полк» аттуу макаласында АиФ өлкөдө уюштурулган иш-чаралардын баарын тизмектеп чыккан. Иш-чаралардын кээ бирлери Кыргызстандын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин көңүлүн бурса, Ички иштер министрлиги Россиянын согушун колдоонун белгиси болуп саналган «Z» символу менен аскердик формачан жөө жүрүштөрдү өткөрүүгө тыюу салган.

## ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫ

Вестинин Борбор Азиядан барган эмгек мигранттары жөнүндөгү материалдары көбүнчө негативдүү тондо даярдалат. Борбор Азиялык мигранттарды кылмыштуу иштердин, ар кандай афералардын, уурдап-тоноолордун, адам өлтүрүү менен зордуктоолордун катышуучулары катары көрсөтүшөт. Мындай публикацияларды коштогон фотосүрөттөрдө мигранттар жумушчу формада жана кир кийимчен чагылдырылат. Аларды агрессивдүү кылмышкер сыпатында чагылдырып, кадрларда мушташып жаткан же укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кармалып жаткан учурлары катталган болот.

РБК репортаждарында да Борбор Азиядан барган эмгек мигранттары оор физикалык жумуштарды гана жасаган монолиттүү жана бир өңчөй социалдык топ катары көрсөтүлөт.

РБКда эмгек мигранттарын жасалма обочолоо алардын орус тили боюнча жасалма сертификаттарды жана каттоо кагаздарын сатып алуулары менен байланыштуу «алдамчылык жана криминалдык аракеттерине», мушташтарга катышууларына, аялдарга кол салууларына жана жасалма суусундуктарды өндүрүп жаткандарына аудиториянын көңүлүн буруу аркылуу ишке ашат. Жаңылыктарда «гастарбайтерлер», «нелегалдар», «жакынкы чет өлкөлүктөр» жана «сырттан келгендер» деп аташкан мигранттарды көзөмөлдөөнү күчөтүүгө чакырыктар көп айтылат. Мигранттарды начар интеграциясы жана орус тилин жакшы билбегендиги үчүн сындашат. РБК билдирүүлөрүнө ылайык, алар Россияда этностук анклавдарды түзүп, коопсуздук үчүн коркунуч жаратышат, себеби деструктивдүү радикалдык кыймылдар жаңы мүчөлөрдү дал ошол анклавдардан топтошот.

Ошол эле учурда Россиядагы жаңы экономикалык реалийлер жана мобилизациянын жүрүшүндөгү калктын өлкөдөн агып чыгышы нарративдин өзгөрүүсүнө себеп болду.

> Мурда Борбор Азиялыктар жергиликтүү эмгек рыногуна коркунуч жаратып келсе, эми болсо аларга айыл чарбасында да, аскердик тармакта да суроо-талап көбөйдү.

Мобилизациялык агып чыгуу тууралуу айтпастан жана анын ордуна жумушчу күчтүн жетишсиздигинин себеби катары COVID-19 пандемиясын жана чет өлкөгө чыгуулардын чектелишин көрсөтүү менен, РБК 2022-жылдын ноябрь айына карата Россияда Борбор Азиялык эмгек мигранттарына суроо-талаптын өсүшүн негиздөөгө өткөн.

РБКда бири-бирине карама-каршы бир нече нарративди байкоого болот. Алардын айрымдарында эмгек мигранттары Россия үчүн экономикалык жактан пайдалуу жумушчу күчтөр, башкаларында - аялдары менен улгайган ата-энелери артынан келип, мамлекеттик жеңилдиктерди сурагандыгы үчүн экономикага ашыкча жүк катары көрсөтүлөт. Чет өлкөлүк жоокесептер жөнүндө да карама-каршы маалыматтык картина бар. РБК Борбор Азиядан барган эмгек мигранттарынын Россияга ыраазычылыгын билдирүү максатында ыктыярдуу мобилизацияланышы жөнүндө билдирип, ошол эле учурда канал Кыргызстандын бийлиги Украина тараптан Россияга каршы согуш аракеттерине катышкандыгы үчүн жарандарын камап жатканын айтат. Чет өлкөдөгү жаңжалдарга катышуунун терроризмге барабар экенин РБК бир нече жолу баса белгилеген. Муну менен катар, РБК материалдары ыраазычылык репортаждарына негизделип, аларда өзбек диаспорасынын мүчөлөрү Россиянын меймандостугу жана камсыз кылган мүмкүнчүлүктөрү үчүн ыраазычылык иретинде өлкөнүн куралдуу күчтөрүнүн катарына кошулуп, Украинага каршы согушууга милдеттүү экендерин айтканы баяндалат.

МК мобилизацияны жана андагы мигранттардын ролун ийне-жибине чейин чагылдырат. РБК сыяктуу эле, МК «Москвадагы армян, кыргыз жана тажик диаспоралары мобилизацияны колдоп жаткандарын» кабарлаган. Москванын мэри Сергей Собянин мобилизациялык квоталарды мигранттардын эсебинен толуктоо аркылуу этникалык орустар менен москвалыктарды коргогон баатыр катары көрсөтүлгөн. МКда мобилизациялангандар боюнча үй-бүлөлөрү аскердик кызматтын эсебинен пайда таба турган жумушсуз адамдар деген түшүнүк берилет.

МК Борбор Азиялык мигранттарды дайыма дегуманизациялап, аудиториянын көңүлүн алар жаратып жаткан коркунучтарга, Россиядагы мыйзамсыз макамдарына бурууга аракет кылат. Материалдарында «арзан жумушчу күчтөр», «нелегалдар», «соттолгондор» жана «жаш балдарды зордуктоочулар» сыяктуу фразалар басымдуулук кылат. Ошол эле учурда кооптуу экстремисттердин образына байланыштуу, мигранттарды россиялык куралдуу күчтөрдүн катарына кирүүгө чакырыктар да орун алат.

НТВ дагы эмгек мигранттарын жат жана кооптуу кишилер катары сүрөттөйт. «Санкт-Петербурда депутат мыйзамсыз жүргөн мигранттарга жасалма документтерди саткандыгы үчүн кармалды», «Мигранттар Нижний Новгороддун жашоочусун жеке турагынан кетүүгө мажбур кылышты», «Гастарбайтерлер Нижегород мектебинин аянтында кой союшкан», «Мас абалдагы мигранттар балдар ойноочу аянттан москвалык аялды ур-токмокко алышты» ж.б.

## МОБИЛИЗАЦИЯДАН КАЧУУ

Борбор Азияга мобилизациядан качып келген орустар жөнүндө маалымат өтө эле аз. РБК мобилизациядан кутулууга аракет кылган Россия жарандарынын миграциясы Борбор Азиянын экономикасы үчүн, кызмат чөйрөсү менен мейманкана бизнесинин өнүгүүсү үчүн пайдалуу экенин белгилейт. Жаңылык билдирүүлөрүндө социалдык чыңалуу жана экономикалык турбуленттүүлүк тобокелдиктерине маани берилбестен, акча каражаттары менен адамдык капиталдын кирип жатканына басым жасалат. РБКда россиялык качкындар «жогорку квалификациялуу», алар барган өлкөлөр болсо, «оңой адаптацияланууучу», «меймандос жана кол сунууга даяр» деп сыпатталган.

МК 2022-жылдын сентябрь айынан тарта Россиядан Борбор Азияга, Түркияга, Абхазияга рекорддук көрсөткүчтөгү жарандар кеткенин билдирет. Бирок отчёттордо мындай миграциялык агып чыгуунун себептери тууралуу сөз болгон эмес.

Рен ТВ мобилизациядан качкан орустарды «карталык туристтер» жана «мекенинен качкандар» деп берет. Карталык туризм — бул антироссиялык санциялардын шарттарында банк эсебин ачуу жана чет өлкөлүк кредиттик карталарды алуу максатында чет өлкөлөргө баруу практикасы. Башка репортаждарында RenTV Россиядан качып кеткендерди атайы аскердик операция жөнүндө фейктерди тараткан «качкын укук коргоочулар жана псевдо эксперттер» деп атаган.

Мир телеканалы Борбор Азия менен Кыргызстандагы россиялыктарды туристтер деп сыпаттайт. Мобилизациядан качкандары тууралуу эч нерсе айтылбайт.

НТВ телеканалындагы репортаждар өзгөчө кызыгуу жаратат. Башында Россиянын Украинаны басып кирүүсүнө байланыштуу биринчи толкун менен өлкөдөн качып чыккан орустарды катуу сынга алган. НТВ чыккынчы-качкындардан кутулуп, «Россия тазаланды» деген формулировканы колдонгон. Ток-шоулардын бири – «Место встречи» - «Очистительная сессия» (Тазалоочу сессия) деген аталыш менен атайы чыгарылыш даярдаган. Анда качып кеткендерди үч категорияга: корккондор — кааласа кайра кайтып келе ала тургандар; чыккынчылар — «өздөргө» каршы чыккандар жана антироссиялык пропаганда жүргүзгөндөр; кылмышкерлер – өлкөдөн качып, Украина менен анын куралдуу күчтөрүн колдогондор деп бөлүүнү сунуш кылышкан. Бул тема Россияда мобилизация жарыялангандан кийин массалык качуулардын экинчи толкунуна байланыштуу тандалып алынган. НТВ мобилизациядан качкандарды Россиянын чек арасында гуманитардык катастрофаны жаратышты деп айыптап, Мекени үчүн оор күндөрдө ага чыккынчылык кылгандар жоопко тартылышы керектиги тууралуу маселени көтөрүп чыккан.

Эгерде башка платформалар же Россия үчүн келип чыккан зыяндарга, же болбосо кабыл алуучу өлкөлөр үчүн мобилизациядан качкан россиялыктар алып келген пайдага көбүрөөк басым жасашса, АиФ орустар Кыргызстанда кабылып жаткан кыйынчылыктар жөнүндө баяндап турган. «Плов дурацкий надоел. Как живут граждане России, уехавшие в Среднюю Азию» [15] (Жиндидей палоо тажатты. Орто Азияга кеткен Россия жарандары кандай жашап жатат). деген аталыштагы макаласында аймакта кыйынчылыктар абдан көп деген шылтоо менен, россиялыктарды мобилизациядан Орто Азияга качуудан айнытууга аракет кылган.

15. «Орто Азия» термини колониалдык термин болуп саналат.

Үчүнчү бөлүк.

# Алынган билдирүү




**Алынган билдирүү**

Фокус-топтордо дискуссиялар үч — жекече, топ ичинде жана топтор аралык деңгээлде анализденип чыкты. Жекече анализ катышуучулар тарабынан айтылган конкреттүү үзүндүлөргө жасалды. Топ ичиндеги анализ белгилүү аймактардагы белгилүү курактык топко кирген катышуучулардын ортосундагы консенсус менен кайчы пикирлерге арналды. Ал эми топтор аралык анализ кыйла кеңири корутундуларды чыгарып, үч аймакты салыштыруу максатында жүргүзүлдү. Бул жерде корутундулар катышуучулардын дискурстарынын жана айткан пикирлеринин көрүнүктүү мисалы боло алган түздөн-түз цитаталарын баяндоо түрүндө берилди.

Фокус-топтук дискуссиялар (ФТД) медиакеректөө практикалары жана тийиштүү ЖМКлар менен алардын маалыматтык материалдарынын эл тарабынан кабылданышы боюнча терең маалыматтарды алуу мүмкүндүгүн камсыздады. Натыйжалар алты блок аркылуу берилди: маалымат булактары; пропаганда; россиялык ЖМКлардын кабыл алынышы; Украинага каршы согуш; батыш ЖМКларынын кабыл алынышы; кыргыз ЖМКларынын кабыл алынышы. Бөлүмдөр фокус-топторду өткөрүүнүн жүрүшүнө ылайык, хронологиялык тартипте орун алды.

## 1. Маалымат булактары

Үч аймакта тең фокус-топтордун катышуучулары жаңылыктар менен таанышуунун жана маалымат алуунун негизги каналы катары социалдык тармактарды белгилешти. Экинчи орунда телевидение турат, ал эми кээ бир катышуучулар радио угуп, анда-санда газета окуганын билдиришкен. Эгерде учурда болуп жаткан окуялар тууралуу жаңы маалыматтарга ээ болууну кааласа, катышуучулар смартфондорун колдонуп, жаңылыктар менен социалдык тармактардан таанышышат.

> *Мен аларды (жаңылыктарды) атайылап издебейм. Эгер менин лентама чыгып калса, аларды окуп коём.*
>
> ФТД_Нарын_18-34.

Курактык топтордун баары жаңылыктар менен таанышуу жана маалымат алуу платформалары катары, Facebook, Instagram, WhatsApp, TikTok, Telegram жана YouTube сервистерин көрсөтүшкөн. WhatsApp менен Telegram мессенджерлериндеги жаңылыктар катышуучулар катталган ар кандай топтордон келет. Instagram көбүнчө 18-34 жаш курактык топтун ичиндеги жаңылыктар жана маалымат булагы болуп эсептелери маалым болду. Ал эми Facebook 35+ курактык топ тарабынан артыкчылык берилген платформа болуп чыкты. Айрым катышуучулар социалдык тармактарда Kaktus media, Kloop, Azattyk, АКИpress, News.kg жана Kabar сыяктуу жергиликтүү ЖМКлардын баракчаларына катталганын билдиришкен.

Azattyk демөөрчүсү АКШ өкмөтү болгон Эркин Европа/Азаттык радиосунун филиалы гана болгонуна карабастан, аны жергиликтүү ЖМК катары кабыл алышат. Кээ бир катышуучулар өздөрүнүн социалдык тармактарына чыккан конкреттүү жаңылык порталдарын атай албагандыктан, алардын жаңылыктарды булактарына карабай эле пассивдүү кабылдай тургандары белгилүү болду.

> *Мен социалдык тармактарга, маселен, Instagram баракчама кирип, бир сыйра карап чыгам. Ал жерде жаңылык порталдары, жаңылык каналдары да бар. Көзүмө учурап калса, окуп коём, бирок атайы издебейм.*
>
> ФТД_Бишкек_18-34.

> *Мага TikTok кызыгуума жараша бардык актуалдуу жаңылыктарды тандап көрсөткөнү менен жагат.*
>
> ФТД_Бишкек_35+.

Конкреттүү жаңылыкты атайылап издеген катышуучулар окуяны же керектүү адамды Google'дан издей тургандарын жана маалымат булагына көңүл бурбагандарын айтышкан.

> *Мен Google'га сурам жазам, бир нече шилтеме чыгат, аларга кирип, керектүү маалыматтарды окуйм. Бирок маалымат булагына көңүл бурбайм.*
>
> ФТД_Бишкек_18-34.

Мындай жооптор алгоритмдердин жаңылык материалдары менен платформалардын белгилүү бир аудиториянын ленталарына кирүүсүнө жардам берүү аркылуу, же болбосо конкреттүү булактарды издөөнүн жыйынтыктарынын алдыңкы орундарына чыгаруу менен сунуштарды киргизгенде маанилүү роль ойногонун далилдеп турат. Google сыяктуу издөө системасын катышуучулар инструмент катары эмес, булактын өзү катары кабыл алышат. Анткени элдер маалымат булактарына көңүл бурушпайт.

ФТДлардын жүрүшүндө телевидение жалпы Кыргызстан аудиториясы үчүн актуалдуу маалымат булагы гана эмес, фактыларды текшерүү инструменти катары да колдонулганы маалым болду. Кээ бир катышуучулар телевизорду фондук чуу жана көбүнчө улгайган жаштагы кишилер менен жаш балдарга арналган көңүл ачуунун бир түрү катары кабыл алышарын, айрымдары болсо, Интернеттен көргөн жаңылыктын тууралыгынан күмөн санаган учурда, салыштыруу максатында телевидениеге кайрыла тургандарын билдиришкен.

> *Мен телевидениеден көргөн жаңылыктарга ишенем. Эмне үчүн, билбейм. Телевизордон көрсөтүлгөн нерсеге 100 пайыз ишене алам*
>
> ФТД_Бишкек_18-34.

*... Кээде кандайдыр бир фейк маалымат чыгат, ага ишенип-ишенбесиңди биле албайсың. Бирок ал маалыматты телевизордон көрсөтсө, анын чын экендиги тууралуу ой жаралат...*

ФТД_Бишкек_18-34.

*Мен дагы ишенем, анткени чындап эле көп, ошондой эле интернеттен да окуйм. Кечинде тамак даярдап жатып, телевизорду күйгүзөм, Россиянын РТР же ОРТ каналдарына коем. Интернеттен окуган маалыматты салыштырам, баары бир орус ЖМКларына көбүрөөк ишенем.*

ФТД_Бишкек_35+.

*... мен телевизордогу, газета-журналдардагы жаңылыктарга көбүрөөк ишенем, Интернетке дайыма ишене бербейм.*

ФТД_Нарын_35+.

*Мындан тышкары, телефондо дагы жалган маалыматтар боло турганын белгилей кетмекчимин, ал эми телевизордон текшерилип, ырасталган маалыматтарды гана чыгарышат. Мен деле отуруп алып, телефонуман согуш башталды жана башка ушул сыяктуу билдирүүлөрдү жазып коё алам. Эл ага ишенип алат.*

*Телевизордон болсо көбүнчө текшерилген маалыматтар чыгарылат, анын артыкчылыгы ушунда...*

ФТД_Ош_18-34.

Орус пропагандасынын Кыргызстандагы онлайн жана офлайн форматтагы масштабдарын эске алуу менен, интернеттен же телевизордон «фактыларды текшерүү» идеясы бирдей эле тынчсыздануу жаратат. Анткени маалыматтын бетин ачуу жана тактоо үчүн колдонулган булактар чындап келгенде дезинформациянын негизги булактары болуп чыгат.

Жаңылыктарды керектөөгө байланыштуу көп сандагы практикалар бар. Нарындагы жана Оштогу курактык топтордун баары жана Бишкектеги 35+ курактык тобу Россиянын телевидениелерин, өзгөчө Биринчи канал менен РТРди көрүшөт. Үч шаарда тең 18-34 жаштагы курактык топтун өкүлдөрү маалымат булагы катары BBC, DW жана Euronews булактарын тандаганы маалым болду. Ош менен Бишкектик катышуучулар дээрлик телевизор көрүшпөйт, анткени керектүү маалыматты смартфондон алышат. Ош жана Нарындагы эки курактык топтун тең өкүлдөрү жергиликтүү Нур, Супер-инфо, Кут билим жана Теңир-Тоо газеталарын окушат. Нарындагы 35+ тобу Интернетке караганда, газеталардагы маалымат чындыкка көбүрөөк дал келгенин белгилешкен.

*Телефондон окуган оңой жана ыңгайлуу, экранды барактап, кызыгуу жаратпаган жаңылыкты өткөрүп жиберип, керектүүсүн издеп табууга болот. Ал эми газеталарды окуганда буга кыйла узагыраак убакыт кетет. Анткен менен, газеталар чындыкка дал келген материалдарды жарыялашат жана*

*публикациялардын тууралыгы үчүн белгилүү бир даражада жоопкерчилик алышат, ал эми интернет-жаңылыктар дайыма эле анык боло бербейт. Бирок, буга карабастан, биз баары бир материалдардын жок дегенде 10%ы чындыкка дал келет деген үмүт менен жаңылыктарды Интернеттен окууну улантабыз.*

ФТД_Нарын_35+.

Бишкектик (35+) жана Нарындык (эки курактык топ тең) катышуучулар маалыматты россиялык МИР радиосунан угушат. Радио өзүнүн ишмердүүлүк түрүнөн улам ыңгайлуу маалымат булагы болуп эсептелет: бирөө чүчвара түйүп жатып радио укса, дагы бирөө транспортто бара жатып, фондук режимде уга берет. Дагы бир маанилүү маалымат жана жаңылык булагы болуп, тууган-туушкандар, кесиптештер жана тааныштар эсептелет.

Бул тууралуу көбүнчө Нарындагы (+35) жана Оштогу (18-34) респонденттер билдиришкен.

Маалыматка ээ болуу тили тууралуу айта турган болсок, Бишкектик (эки курактык топ бирдей) ФТД катышуучулары көбүнчө орус тилинде жаңылыктарды окуп-угушат, ал эми Ош менен Нарындагы ФТД катышуучулары – кыргыз тилинде, же болбосо кыргыз жана орус тилдеринде.

ФТДлардын жүрүшүндө смартфондордун маанилүү роль ойной турганы белгилүү болду. Ушуга байланыштуу негизги эки өңүт бар. Биринчиден, эгер ЖМКлар кишилердин телефондорунан көрүнүп турса, анда алардын дайыма түйүндө болуп, контентти активдүү жайгаштыруулары бул ЖМКлардын аудитория топтоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Экинчиден, мурунку издөөлөрдүн негизинде конкреттүү колдонуучу үчүн актуалдуу деп эсептеген жаңылыктарды тандап чыгарган алгоритмдер да белгилүү роль ойношот. Ошол эле учурда салттуу ЖМКлар интернеттеги жаңылык булактарына салыштырмалуу актуалдуу гана эмес, ишенимдүү булактар дагы болуп саналат.

## 2. Пропаганда

ФТДлар кээ бир катышуучулардын пропаганда тууралуу базалык түшүнүктөрү бар экенин көрсөттү. Алар пропаганда - коомдук пикирди жаратуу же манипуляциялоо инструменти экенин түшүндүрүп беришкен. Ошондой эле, пропаганданын артында дайыма конкреттүү бир адам же кишилердин тобу турганын да белгилешкен.

“*Мурун ЖМК деп, телевидение, радио жана газеталарды түшүнүшкөн. Бүгүнкү күндө ЖМК деп, интернет эсептелет. Эми журналистика рыноктук экономиканын системасына ылайык иш жүргүзөт.*

*Алар (журналисттер) эл талап кылган нерсени жарыялашат. Маалымат пайдалуубу, анын зыяны барбы, таасири кандай экени аларды кызыктырбайт. Алар сайтынын популярдуулугун, көбүрөөк акча табууну көздөшөт. Телевидение дагы рейтингин көтөрүп, муну менен акча табууга аракет жумшайт. Блогерлер деле элде кызыгуу жараткан контент жарыялап, анын башкаларга тийгизген зыянына, балдарга ылайыктуу болуп-болбогонуна көңүл бурушпайт.*

ФТД_Ош_35+.

*ЖМКларды азыр көз карандысыз деп айтууга болбойт, алардын үстүнөн көзөмөлдөгөндөр бар.*

ФТД_Бишкек_18-34.

Бишкектик респондент АКШда арзан жумушчу күчтөрдү тартууга арналган «америкалык кыял» аттуу пропаганда бар экенин мисал келтирди. Нарындагы катышуучулар пропаганданы шайлоо алдындагы үгүт иштери катары түшүнөөрү белгилүү болду. Дискуссиялардын баарында катышуучулардын көпчүлүгү Кыргызстанда жергиликтүү жана чет өлкөлүк пропаганданын таасири бар экенин, экөө тең бирдей күчкө ээ экенин айтышкан. Чет өлкөлүк пропаганда дегенде, ЛГБТ жана феминизмге байланыштуу батыш пропагандасы ойго келе турганы белгилүү болду.

*Россия тараптан да, Батыш тараптан да пропаганда байкалганы менен, Батыштан көбүрөөк жасалууда деп ойлойм. Мурда, мисалы, мен мектепте окуп жүргөн кезде, өлкөбүздө ЛГБТ деген түшүнүк таптакыр жок эле. Азыр болсо, батыштын фильмдеринде же сериалдарында баары ачык эле көрсөтүлүп жатат.*

ФТД_Бишкек_18-34.

Катышуучулар Кыргызстанда Россиянын пропагандасы да бар экенин белгилешти. Бирок Бишкектик бир киши бул боюнча сын пикирин билдирди. Ал Россиянын Украинада ачкан согушун актап, мыйзамдаштыруу аракетинде пропагандага кайрылып жатканын түшүндүрдү. Мындай пикир бардык ФТДларда тең эреже эмес, көбүрөөк бөтөнчөлүккө жакын болду.

## ПРОПАГАНДА МАМЛЕКЕТ ҮЧҮН КЕРЕК

Айрым катышуучулар пропаганданы мамлекет үчүн пайдалуу жана зарыл кубулуш катары түшүнүшөт. Алар Кыргызстанда мамлекет жүргүзгөн пропаганда начар экенине нааразы болуп, патриотизмди, улуттук баалуулуктарды, улуттук идеологияны, сергек жашоо образын илгерилетүү, балдарды туура тарбиялоо үчүн пропаганданы күчөтүү керек экенин айтып чыгышты.

*Мен Кыргызстанда дагы пропаганданын болушун каалайм. Биз улут катары маданий түшүнүктөр менен өсүшүбүз жана патриоттук сезимге ээ болушубуз үчүн жок дегенде патриотизм, билим берүү, маданият жаатында пропаганда болууга тийиш. Эмне үчүн? Анткени балдарыбыз кыргыз экени менен сыймыктанбайт. Мен алардын муну менен сыймыктанышын тилейм. Эч кандай фанатизм жок эле өз мекени, өз эли үчүн күйгөн патриоттук сезимди өнүктүрүү зарыл. Мисалы, Казакстанда мага жакпаган нерсе — «казакча сүйлө» сыяктуу талаптар. Мекен үчүн, духту көтөрүү үчүн патриотизм болушу керек.*

ФТД_Бишкек_35+.

*Бул жерден кошумчалай кетчү нерсе – азыр биз балдарды туура тарбиялоого көмөктөшүүбүз зарыл. Кичине кезинен баштап, балдар эмненин туура экенин, эмненин туура эмес экенин ажырата билүүгө тийиш.*

ФТД_Нарын_18-34.

Ошол эле учурда кээ бир катышуучулар пропаганданы ЛГБТ менен байланыштырып, Кыргызстанда фильмдер, мультфильмдер жана ар кандай көңүл ачуу программалары аркылуу «туура эмес жана жат баалуулуктарды» жайылтып жаткандыгы үчүн Батышты күнөөлөшкөн.

*Бүтүн бул булганычтуу нерселер бизге Батыштан келип жатат. Ар бир фильмде сөзсүз бир гей же лесбиянка көзүбүзгө учурайт. Алар ар бир фильмде бар, ал тургай Disney алардын мультфильмдерде да боло турганын жарыя кылган. Свинка Пеппада эми ЛГБТ-каарман пайда болду (топтогулардын баары оор үшкүрүп, айрымдары «өтө коркунучтуу» деп да жиберишти).*

ФТД_Бишкек_35+.

Кыргызстанда Россиянын пропагандасы менен традиционалисттик баалуулуктары чогуу жүрөт. Россиянын моралдык жактан чирип бара жаткан Батыш жөнүндөгү жаңылыктары менен материалдары көп адамдардын ой-пикирине дал келет, ошондуктан орус ЖМКлары жагдай тууралуу айтып берген булактар деп эсептелсе, батыштын маалыматтары көп учурда пропаганда катары кабыл алынат. Мындан тышкары, «пропаганда» термининин өзү эле көптөр тарабынан позитивдүүлүктүн призмасы аркылуу кабыл алынат. Алар пропаганданы балдарды туура – патриоттук жана адеп-ахлактык тарбиялоодогу маанилүү инструмент катары эсептешет. Бул нарратив россиялык ЖМКларда да, Кыргызстандын репортаждарында да кеңири орун алган. Алар Россия менен Кыргызстандын патриотторду тарбиялап чыгуу ишин биргелешип жүргүзгөнү жакшы натыйжаларды берерин белгилешкен.

# 3. Россиялык ЖМКлардын кабыл алынышы

Россия менен анын ЖМКларынын кабыл алынышы курактык топтор менен алар жашаган жерлерге жараша өзгөрүп турат. Кээ бир катышуучулар Россиянын протектор мамлекет жана стратегиялык өнөктөш экенин, бул КККУ, ЕАЭБ жана Бажы биримдигинен көрүнүп турганын айтышкан. Дискуссиянын жүрүшүндө катышуучулар Кыргызстандын Россияга көз карандылыганан улам анын алдында алсыз экенин белгилешкен.

*Мен Россияны колдойм.*

*Эгер биз Россия Федерациясынын курамына кирген болсок, азыр башкача жашамакпыз. Ал эми өзүнчө мамлекет болгон үчүн, Өзбекстан менен Тажикстан бизге кол сала баштады. Ошондо жардам сурап кимге кайрыла алабыз? Бир гана Россияга*

ФТД_Бишкек_35+.

*Биз Россияга теңелип жатабыз. Башка чарабыз жок, ал биздин стратегиялык өнөктөшүбүз, КККУ, ШКУ, биз аларга көз карандыбыз жана аларга жараша аракет кылабыз. Россия бар үчүн Кытай да, Америка да бизге тийишпей турат.*

ФТД_Бишкек_35+.

*Мен үчүн россиялык ЖМКлар барктуулук менен ассоциацияланат, анткени Россиянын өзүндө да, коңшу жана башка өлкөлөрдө да алардын таасири күчтүү. Муну менен катар эле, Россияга карызыбыз көп болгондуктан, аны менен мамилебиз да абдан маанилүү.*

ФТД_Бишкек_18-34.

Кээ бир катышуучулар Россиянын Украинага каршы согушун Кыргызстан колдоду деп эсептейт. Бирок муну менен катар эле, коргоочу мамлекет катары Россиянын макамынан күмөн санашканын билдиришкен. Себеби, 2022-жылы Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасындагы согуштук аракеттерде Россия Кыргызстанды колдобой, жаңылыктарды Тажикстандын позициясынан чагылдырып турган. Чек ара маселелери түштүктө жашаган элдин жашоосуна түздөн-түз таасир эткендиктен, Оштогу фокус-топтордун катышуучулары кыргыз-тажик чек ара кагылышууларына карата Россиянын реакциясы аларда нааразылык жаратканын айтышкан.

*Бул чоң саясат. Украина менен согушта биз Россияны колдоп бердик, ал эми биз менен Тажикстандын ортосунда келип чыккан жаңжалда Россия Тажикстанды колдогон. Андыктан, бул жерде негизги ролду саясат ойнойт.*

ФТД_Ош_18-34.

Айрым катышуучулар башка альтернатива жок болгондуктан, бала чактан бери эле орус телевидениелерин көрүүгө көнүп калгандарын билдиришти. Россиянын ЖМКлары жүрөгүнө жакын, ошондуктан аларды чет өлкөлүк ЖМК катары эсептешпейт.

*Мен россиялык телевидениени эч качан өгөйлөбөсөм керек. Эч качан аны чоочун деп эсептеген эмесмин. Менин түпкү аң-сезимимде Россия менен Кыргызстан дагы эле чогуу. Бул калыптанып калган түшүнүк, ушул себептүү ага [россиялык ЖМКларга] чоочундай мамиле жасаган эмесмин жана өзүбүздүн жаңылыктар катарында эле көрүп келем. Бул аларга болгон ишеним. Кыскасы, мен аларга ишенем.*

ФТД_Бишкек_35+.

Ошондой эле катышуучулар Россия ЖМКларынын өнүмдөрүнүн жогорку сапаты менен кесипкөйлүгүнө басым жасоо менен, өздөрү көрүп чоңойгон программалардын сентименталдык баалуулугун да, көрсөтүүнүн технологиялык тарабын да белгилешти.

*Россиянын телевидениеси тууралуу айта турган болсок, баарыбыз Россиянын телевидениеси менен чоңойгонбуз. Мурун бизде болгону үч канал: ОРТ, РТР, КТРК эле бар болчу. Кичине кезибизде болсо Хрюшканы*[16] *көрчүбүз. Баары график боюнча көрсөтүлчү, биринчи Хрюшка, анан жаңылыктар. Азыр убактым болгондо россиялык телеканалдардан жаңылыктарды көрүп коём, алар ары кызыктуу, ары ишенимдүү. Путин да жагат, себеби, ал лидер жана дүйнөлүк жаңылыктарда байма-бай чыгып турат. Маалыматтар так, жеткиликтүү, жана жүгүртмө сап, ал жерде да баары жеткиликтүү.*

ФТД_Ош_18-34.

Негизинен, россиялык ЖМКлар Кыргызстанда таанымалдыгы жана аудитория үчүн сентименталдык баалуулукка ээ болгондугунан улам, аларга көбүрөөк артыкчылык берилет.

*Кандай түшүндүрсөм? Билбейм, эч кандай деле ассоциация жок. Жөн эле көнүп калгам, же жакшыраак түшүнөм. Мисалы, Украинанын жаңылыктарын көрө турган болсом, баары бир деле Россияныкына ишенем.*

*Элдер ар кайсыны айтышат, кээ бирөөлөр фейктин деңгээли дешет, бирок, ошентсе да Россиянын ЖМКларына көбүрөөк ишенем.*

ФТД_Бишкек_35+.

Оштогу катышуучулардын айтуусунда, спутниктик же онлайн телевидение кошуп алууга мүмкүнчүлүгү жок аймактардын жашоочулары үчүн Россиянын телеканалдары жалгыз опция бойдон калууда. Россиянын ЖМКларына болгон ишенимдин жогорулугу жаңылыктарды чагылдыруунун масштабдуулугу, кабарчыларды окуя болгон жерге жиберип, эл аралык жаңылыктардын кеңири спектрин чагылдыруу үчүн ресурстардын болушу сыяктуу мүмкүнчүлүктөр менен байланыштуу. Чек арадагы жаңжал учурунда Россиянын Тажикстанга колдоо көрсөткөнү айтылганы менен, репонденттердин айрымдары Россиянын априори өнүмү, анын ичинде ЖМК өнүмдөрү да сапаттуу, ал эми орустардын менталитети кыргыздардыкына окшош деп эсептешет.

*Илгеркидей, Россиянын бардык өнүмдөрү, товарлары да, башкалары да — сапаттуу дегендей эле болсо керек. Ал тургай Россияда жасалган дары-дармектер бизден чыккан же башка чет мамлекеттерден келген дары-дармектерге караганда кыйла сапаттуу болот. Ушул себептүү, бизде ишеним жаралса керек. Анын үстүнө, алардын менталитети дагы.*

ФТД_Ош_18-34.

16. Балдар үчүн «Спокойной ночи, малыши!» телекөрсөтүүсүнүн каарманы Хрюшкага шилтеме.

*Менимче, россиялык ЖМКлар — өрнөктүү ЖМКлар. Алар чындыкка дал келген маалыматтарды жарыялашат. Мисалы, мындан мурун айтылгандай эле, АКШ ЖМКлары көбүнчө зомбулукту трансляциялашат. Жакында эле окугам, бирок каяктан окуганым эсимен чыгып кетти, Gucci же Louis Vuitton сыяктуу бренддердин айрымдары балдардын кийим-кечесинин ачык болушун колдошуптур. Мен бул зомбулукка жатат деп ойлойм. Көбүнчө зомбулук, ошондуктан Россиянын ЖМКлары баары бир жакшы.*

ФТД_Ош_18-34.

Бишкектеги ФТД катышуучулары россиялык ЖМКларды бир бүтүн ЖМК катары караганга болбой турганын белгилешкен. Мамлекеттик ЖМКларга ишенүүгө боло турган учурда, Россияда чет өлкөлүк агенттердин макамына ээ көз карандысыз ЖМКлар да бар, аларды чет өлкөлүк уюмдар каржылагандыктан, ишенүү мүмкүн эмес. Мындай мамиле Россиянын мамлекеттик цензорлору белгилүү бир ЖМКларды чет өлкөлүк агент деп айыптаган учурда, ал платформалар аудиториянын ишениминен ажырашат, анткени мыйзам алардын чет өлкөлүк агент деген макамын моюнга алуусун талап кылат.

Бишкектик катышуучулардын бири Кыргызстанда Россиянын телеканалдарын көрсөтүүнү чектеп, улуттук тилдерди илгерилетүү саясатын киргизген Борбор Азия өлкөлөрүнөн үлгү алып, улуттук тилде көбүрөөк материалдарды чыгаруу зарыл экенин белгиледи.

*Бул [россиялык ЖМКлар] калп, негатив, жалган, алдамчылык, кишини келесоо кылуу, кылмыштарды, анын ичинде аскердик кылмыштарды жашыруу. Тажиктер биздин өлкөгө кол салганда, алар тажиктерге болушуп, ошолордун тарабын гана чагылдырып турушкан. Коогалаңга чакырык таштап, өкмөтүбүздүн мыйзамдарын жокко чыгарууга үгүттөшкөн. Жагабы же жакпайбы, биз өзүбүз шайладык да. Алар биздин шайлоолорго таасир этип, Америкада кылган сыяктуу эле, бул жерге да өз кишилерин алып келүүнү көздөшөт. Кимдер экенин атабай эле коёюн. Күчтүү таасирге ээ болууга умтулушат. Жогорку Кеңештин тандоосуна келе турган болсок, революциялар менен мамлекеттик төңкөрүштөрдүн үчөөндө тең россиялык ЖМКлар болгон. Бул жерде контекст да абдан маанилүү, айткандай эле, булар мамлекеттик, пропагандисттик ЖМКлар, ФСБ тарабынан редакцияланат, ушул себептүү мен аларды түздөн-түз коркунуч катары кабыл алам.*

*Эгер чындап эле катардагы ЖМК болсо, дүйнө жүзү боюнча бөгөттөлмөк эмес, банк эсептери тоңдурулмак эмес, жана Европа Биримдиги аларга каршы санкцияларды да киргизмек эмес. 10-20 жылдын ичинде алардан толугу менен кол үзүшүбүз керек деп эсептейм.*

ФТД_Бишкек_18-34.

Ошентсе да, Россиянын ЖМКлары Кыргызстанда пайдалуу абалды ээлейт. Мындай позициясы эл көрүп чоңойгон кээ бир программалардын таанымалдыгы жана сентименталдык баалуулугу менен шартталган. Жалпысынан бул сезимдер орус ЖМКларынын Кыргызстан тарабынан өз ЖМКсы сыяктуу кабыл алынышына себеп болууда. Орус ЖМКларынын өнүмдөрүн жогорку сапаты үчүн макташат, натыйжада ишеним андан да жогорулайт. Катышуучулар жемкорлукка баткан жана начар деп эсептеген жергиликтүү ЖМКлар, же болбосо чыр-чатагы көп жана жат деп эсептеген батыш ЖМКлары менен салыштыра келгенде, Россия ЖМКларынын ишенимдүү ЖМКлар катары макамы андан бетер жогорулоодо.

# 4. Украинага каршы согуш

Россиянын Украинага каршы согушун талкуулап жатып, ФТД катышуучулары ЖМКларда өтө көп маалыматтар бар экенин жана бир маалымат булагынын экинчисине салыштырмалуу ишенимдүүлүгүн айтуу кыйын экенин белгилешкен. Алар Россия менен Украинанын ортосунда маалыматтык согуш жүрүп жатканын айтышты. Дискуссиялардын жүрүшүндө катышуучулар «атайы аскердик операцияга» караганда «жаңжал» жана «согуш» деген сөздөрдү көбүрөөк колдонушкан. Катышуучулардын көпчүлүк бөлүгү маалымат абдан эле көп болгондуктан жана алардын аныктыгын так билбегендиктен, согуш тууралуу жаңылыктарды көрүүнү каалабагандарын, ошондой эле ФТД жубайлардын экөө эки башка тарапты жактагандыктан, тема боюнча үй-бүлө ичинде пикир келишпестиктер болуп жатканын да билдиришкен.

*Мен Россиянын жаңылыктарын көрбөйм жана укпайм. Украина менен Россиянын ортосунда чыр-чатак болуп жатканын баарыбыз эле билебиз.*

*Жаңжал жаңы башталганда украиналыктарга боорум ооруган, анткени эки жактан тең бейкүнөө адамдарды өлтүрүп жатышты. Алар бир жолун таап, элдешсе деп тилегем. Жолдошум болсо, кайсы бир себептен улам, Россияны колдоп келет. Башында чын эле тынч жашап жаткан күнөөсүз эл кырылып жатат деп ойлогом... Бирок жолдошум азыркыга чейин Россия туура кылып жатат деп эсептейт. Бул боюнча далай жолу тартыштык. Мени эч нерсе түшүнбөйсүң, Путин туура кылып жатат деп урушат. Эми болсо кайсы тараптын жактоочусу экенимди анык билем.*

ФТД_Нарын_18-34.

> *Мен алгач Россияны, андан соң Украинаны угам, кимге ишенеримди билбей да калам. Кайда барсаң да ушул эле теманы талкуулагандар. Бирөө Украинаны колдосо, экинчиси Россияны актайт, талашып-тартышып отуруп, өзгөчө ичип алгандар мушташканга чейин барышат.*
>
> ФТД_Бишкек_35+.

> *Мен Россияны колдойм. Украинаны басып кирүү менен Россия туура кылды деп эсептейм. Анткени украиндердин баары нацисттер. Ал тургай Украинада тыюу салынган бандеровчулар тобу деп аталган улутчулдардын тобу бар.*
>
> ФТД_Бишкек_18-34.

Кыргызстанда украиналык маалымат булактары жок болгондуктан, согуш жөнүндө маалымат көбүнчө Россиянын ЖМКларынан келет. Анткен менен, айрым катышуучулар Украина ЖМКларынын маалыматтарынан кабардар болуп тургандарын айтышкан, бирок конкреттүү булактардын атын атай алышкан эмес. Батыш ЖМКларына шектенүү жана ишенбөөчүлүк менен мамиле кылышат. Мисалы, Мариуполдогу ооруканага жасалган авиа сокку жөнүндө сөз болгондо, катышуучулар Россиянын ЖМКлары батыштын жалган маалыматтарын жокко чыгарганын белгилешкен. Бишкектик катышуучу Украина менен согушта Россияны колдогонун ачык эле айтты. Өзүнүн мындай позициясын Россиянын мамлекеттик пропагандасы трансляциялаган Украинадагы улутчулдар менен бандеровчулар тууралуу аргументтер аркылуу түшүндүрдү.

Нарын менен Оштогу фокус-топтордо Кыргызстандын Россияга экономикалык жана саясий жактан көз каранды болгондугуна байланыштуу, аргасыз Россияны колдой турганы бир нече ирет айтылган. Оштогу катышуучулардын бири Кыргызстандын өкмөтүнө басым жасоо инструменти катары, Россиядагы эмгек мигранттары колдонуларын, жана Казакстан менен Өзбекстанга салыштырмалуу, Кыргызстан согушка карата айыптоочу мамилесин билдирүү үчүн жетишерлик саясий эрк менен ресурстарга ээ эмес экенин ачык эле айткан.

Бардык аймактардагы фокус-топтордун катышуучулары билдирген нарративдер орус ЖМКларында активдүү жайылып жаткан нарративдерди кайталайт. Россиянын жаңылыктарында Кыргызстан андан көз каранды мамлекет катары көрсөтүлөт, ал эми элдер муну дароо илип алып, өзүнүн пикири катары айтууда. Жалпысынан, катышуучуларда Россиянын Украинага каршы согушун сындоочу чечкиндүү жеке пикири болгон жок. Көбүнчө Россияны колдогонун билдиришкен же маалыматтын өтө көптүгүнөн улам туруктуу ой-пикирин билдире алган эмес.

# 5. Батыш ЖМКларынын кабыл алынышы

Америка менен Европанын ЖМКлары көбүнчө батыштын баалуулуктарын, күн тартибин жана пропагандасын жайылтуу каналдары катары кабыл алынат. Бишкектик катышуучулар BBC, DW жана Euronews сыяктуу Европа ЖМКларын орус тилинде көрүпугарын билдиришсе, башка аймактардагы катышуучулар бир да америкалык же европалык ЖМКнын атын атай алган жок. Европа ЖМКлары ЕБга багытталган жаңылыктардын, спорт жаңылыктарынын жана технологиялар менен байланышкан жаңылыктардын булактары катары каралат. Бишкектеги катышуучулар европалык ЖМКлардагы Путин жана

Россиянын саясаты жөнүндө негативдүү маалыматтардан тажаганын жана көңүлдөрү калганын билдиришкен.

Нарын менен Оштогу катышуучулар Европа өлкөлөрүнүн колониялык тарыхын жана исламофобиясын белгилешти. Европа мамлекеттеринин колониялык тарыхы жөнүндөгү нарративдер россиялык ЖМКларда чагылдырылгандарга окшоп кетет. «Неоколониалисттер» сыяктуу терминдер Россиянын ЖМКлары тарабынан батыш державаларын сыпаттоо жана аларды Африка менен Американы колонизациялап алгандай, Украина менен Борбор Азияны да колонизациялоо аракеттери үчүн күнөөлөө максатында колдонулат.

> *Менин оюмча, Европа өлкөлөрү башка өлкөлөрдүн эсебинен өнүккөн. Ошондой эле, булар ислам динине каршы чыккан өлкөлөрдөй сезилет.*
>
> ФТД_Нарын_35+.

> *Мен так айта албайм, бирок аларда исламофобия бар.*
>
> ФТД_Ош_18-34.

Ошол эле учурда европалык ЖМКлардын адам укуктары, эркиндик жана демократия жааттарында туура баалуулуктарды жайылтканын, бирок бул аракеттер универсалдуулугуна карабастан, жат көрүнүштөр катары берилгенин жана кабыл алынганын айтып чыккандар да болду. Катышуучулардын айрымдары европалык ЖМКлардын журналисттеринин сапаттуу иш жүргүзгөнүн жана техникалык жактан жакшы камсыздалганын, кыргыз медиа-адистери европалык кесиптештеринен үлгү алса жакшы боло турганын белгилешти.

Бишкектеги 18-35 жаштагы куррактык топтун катышуучулары америкалык ЖМКлардын «Эллен» сыяктуу көңүл ачуу шоулары менен ассоциацияланганын билдиришкен. Катышуучулар конкреттүү америкалык ЖМКлардын атын атай алган жок, бирок алар жөнүндө жана АКШдагы жашоо жөнүндө түшүнүктөргө ээ экени маалым болду. 35+ курактык тобунун кээ бир катышуучулары Американын ЖМКларынын олуттуу мааниге ээ эмес экенин белгилешкен.

> *Мен үчүн (америкалык ЖМКлар) — бул цирк, клоунада. Аларды угуп отуруп, күлөсүң. Президенти ары-бери басып, болбогон нерселер менен алектенгендей.*
>
> ФТД_Бишкек_35+.

Бул нарратив Россиянын пропагандасына туура келет. Анда америкалык саясатчылар көп шылдыңга алынат. Кээ бир респонденттер Америка ЖМКларынын зомбулукту пропагандалап, кадимки көрүнүшкө айландырганын айтышкан. Катышуучулар АКШнын тышкы саясаты агрессия менен согуш чыгарууга негизделгенин дагы белгилешкен.

Бишкектеги ФТД катышуучулары америкалык журналист Скотт Риттердин ишине байкоо жүргүзгөнүн жана муну анын өкмөттү сындаган оппозициялык журналист экени менен түшүндүрүшкөн. Бул жерде кошумчалай кетчү нерсе, Скотт Риттер россиялык медиа-пропаганда комментарийлерине активдүү шилтеме берип турган оппозициялык эксперт болуп саналат. Ал RT менен Fox News үчүн дагы макалаларды жарыялап, консервативдик баалуулуктарды пропагандалайт.

Ошентип, Кыргызстанда батыш ЖМКларынын ишенимдүүлүгүнө байланыштуу бир катар көйгөй бар. Катышуучулар батыш ЖМКларынын ресурстарга бай экенин моюнга алганы менен, жалпысынан аларды чыр-чатактуу, катаал жана исламофобиялуу деп эсептешет. Фокус-топтордун жүрүшүндө россиялык пропагандалык нарративдердин элдин батыш ЖМКларын кабылдоосуна таасир этип жатканы маалым болду. Батыш өлкөлөрүнүн айрым журналисттери профессионалдуу пропагандисттер болгондуктан, ишенимдүү маалымат берүүчүлөр катары кабылданат. Адамдар батыш ЖМКларында Россия менен Путинди сындаган нарративдерди жактырышпайт.

# 6. Жергиликтүү ЖМКлардын кабыл алынышы

Кыргыз ЖМКларынын кабыл алынышы тууралуу сөз болгондо, катышуучулар алардын сапаты менен ишенимдүүлүгүнө ар түрдүү баа беришкен. Бишкектеги 18-34 жаш курактык топтун ичинде «кыргыз ЖМКлары» деген сөз айкашы күлкү жаратты. Бул болсо, аларга ишенишпейт дегенди түшүндүрүүдө. Катышуучулардын кыргыз ЖМКларынын чагылдыруу масштабынын чакандыгын жана камтуусунун чектелүү экенин белгилөөсү, элдин аларга болгон ишениминин төмөндүгүн билдирет. Мындан тышкары, жарыяланган материалдардын сапатынын төмөндүгү да айтылды: алардын ою боюнча, жергиликтүү ЖМКлар көп учурда чет өлкөлүк булактардын жаңылыктарын, ал тургай социалдык тармактардын катардагы колдонуучуларынын постторун which котoруп же көчүрүп жарыялашат. Кыргыз же орус тилинде эксклюзивдүү аналитикалык материалдарды өтө эле сейрек чыгарышат. Жергиликтүү ЖМКлардын башкы көйгөйү – кыргыз тилиндеги маалыматтык же көңүл ачуучу контенттин жетишсиздиги деп белгиленди.

*Эмнегедир кыргыз ЖМКлары менде алсыздык менен ассоциацияланат. Кандай маалымат болсо деле, маанисиз жана өтө чакан маалыматтай сезилет.*

ФТД_Бишкек_18-35.

*Эгерде кыргыз ЖМКлары чындыкты көбүрөөк чагылдырса, эл аларга көбүрөөк ишенмек. Аларда жалган маалыматтар басымдуулук кылат. Кыргыз ЖМКларындагы маалымат сапаттуу деп айта албайм. Журналисттер өзүнүн рейтингин көтөрүш үчүн баарына даяр.*

ФТД_Ош_35+.

Оштогу катышуучулардын бири кыргыз ЖМКлары менен телеканалдары россиялык телепрограммаларды көчүрмөлөгөнүн, мындай кылган учурда да мамлекеттик колдоонун жоктугунан улам, масштабы менен өнүгүүсү жагынан алардан артта калып жатканын белгилеп өттү.

*Биз Россияны туурагандыадатка айлантып алганбыз, өзүбүздүн программаларды да ойлоп табууга алыбыз келбейт.*

ФТД_Ош_35+.

Катышуучулар жергиликтүү ЖМКларда негативдүү маалыматтар, сенсациялар, ал тургай дезинформация өтө көп экендиги боюнча тынчсыздануусун билдиришти. Кыргыз ЖМКларын алар жаңылыктардагы сюжеттерди сатып алган таасирдүү кишилердин саясий инструменти катары, туруксуз жана ишеничтен чыккан ЖМКлар деп мүнөздөштү.

*[Кыргызстандагы ЖМКлардын башкы көйгөйү] Так эмес, жалган маалыматтарды билдирүү. Бир жактуу маалыматтарды чагылдыруу.*

ФТД_Нарын_35+.

Бийликти кыянаттык менен колдонуу Кыргызстан жана жарандары үчүн коркунуч катары белгиленген. Коррупцияга каршы активизм менен журналисттик иликтөөлөр колунда бийлиги барлардын беделине чакырык таштаган мамлекеттик нарративдерге кысым көрсөтүү мисалдары катары келтирилген. Бишкектеги 18-34 жаш курактык тобунун катышуучулары Кыргызстанда журналисттер ойдон чыгарылган кылмыштардан баштап,

физикалык чабуулдар менен өлтүрүүлөргө чейин, бир катар коркунучтарга дуушар болуп жатканын билдиришти.

*Биз мындай адамдардын [журналисттердин] оозун жапкан учурда, көйгөй азайбат. Мындан да күчөйт, оору сыяктуу жайыла баштайт, натыйжада бүтүндөй организм чирийт. Дагы бир мамлекеттик төңкөрүш чыгып кетиши мүмкүн. Ал эми мунун азыр эч кимге кереги жок. Качан болуп кетерин эч ким айта албайт.*

ФТД_Бишкек_18-34.

Блогерлер менен салттуу ЖМК журналисттеринин ролун талкуулоо учурунда ФТД катышуучуларынын арасында кайчы пикирлер келип чыкты. Кээ бирөөлөр блогерлерди ЖМКга кошсо, кээлери мындай пикирге каршы чыгып, бул макамга кесипкөй журналисттер гана ээ боло ала турганын белгилешти. Катышуучулар блогерлердин мобилдүүлүгүн жана маалыматты тез жеткирүү жөндөмдүүлүгүн эске алганда, алардын ЖМКдагы ролу өнүгүп келе жатканын айтышты. Блогерлер үчүн да, журналисттер үчүн да акча маанилүү фактор болуп саналат. Блогерлерди журналист катары эсептебегендер мындай пикирин блогерлердин конкреттүү окуяны чагылдырганы үчүн акча алганы менен түшүндүрүштү. Ошол эле учурда, кесипкөй журналисттерге карата алардын финансылык көз карандылыктан улам, окуяларды бир жактуу гана чагылдырганы боюнча айыптоолор айтылды.

*Биз ЖМК тууралуу кеп кылганда, ойго дароо эле журналисттер келет. Мен үчүн журналисттер экинчи орунга түштү, башкача айтканда алар блогерлерден артта калды.*

*Азыр блогерлердин коомго, жалпы эле өлкөгө тийгизген таасири зор. Бүгүнкү күндө блогер кандайдыр бир маалыматты жайгаштырары менен ага алгач коом, андан кийин гана бийлик реакция кылат. Журналисттер мындай маанилүү роль ойнобой, артта эле калды.*

ФТД_Нарын_35+.

Оштогу катышуучулар ЖМКларды, анын ичинен «Азаттык» ЭЕР/АР жергиликтүү кызматын (ички ЖМК катары кабыл алынган) Кыргызстан менен Тажикстандын ортосунда чек ара жаңжалы болгон учурда туура эмес иш алып баргандыгы үчүн сындашкан. Алардын пикири боюнча, материалдарды чагылдыруу жана которуу боюнча блогерлер менен жарандык активисттер зор иш аткарышкан. Катышуучулар блогерлердин жарыялоолорунун ыкчамдыгына жогору баа беришти. Респонденттердин бири мындай иш-аракеттердин Тажикстанга каршы маалыматтык согушту жеңип чыгууга жардам бергенин баса белгиледи.

*Баткенде маалыматтык согуш жүрүп жатканын эми гана түшүнүп отурабыз. Бул согушта жеңилип бараткanbыз. Бизди, тил билген жана маалыматты жеткире алган жаш активисттер катары, иш-аракетке катышууга чакырышты. Ошондон кийин гана согушту Тажикстан баштаганын түшүндүрүп бере алдык. Натыйжада маалыматтык согушта жеңип чыгып, чоң утушка ээ болдук.*

ФТД_Ош_18-35.

Ошол эле учурда цензура жана Кыргызстанга анын керек же керек эместиги боюнча маселе да талкуу жаратты. Ошто блогерлердин маалыматтык согуштагы ролун макташканы менен, Нарындагы катышуучулардын кээ бирлери блогерлер тарабынан дезинформациянын таратылышына жол бербеш үчүн цензуранын керек экендигин айтып чыгышты. Алар улуттук коопсуздук жагынан фейк маалыматтарга каршы күрөшүү жөнүндөгү мыйзамдын кабыл алынышын туура деп табышты. Бишкектик катышуучулар болсо, цензуранын сөз эркиндиги менен журналисттерге басым жасоо боюнча өзү эле начар абалды андан бетер күчөтүп жиберерин белгилешип, сындоочу репортаждары үчүн өлкөдөн чыгарылган Болот Темировду мисал келтиришти.

Пикирлерде мындай ажырым болгонуна карабастан, бардык аймактардын катышуучулары ЖМКларга кысым көрсөтүү, сөз эркиндигин чектөө жана журналисттерди куугунуктоо сыяктуу маселелерди өлкөнүн башкы көйгөйлөрүнүн катарына киргизишкен.

> *Менин оюмча, кыргыз ЖМКлары — кошоматчылык, жагалдануу, кимдир-бирөөнү мактоо, башкача айтканда, азырынча алардын колунан башка эч нерсе келбейт. Буга кандайдыр бир сыйакы, акча, же болбосо үй-бүлөлүк, жоро-жолдоштук байланыштар себеп болушу мүмкүн. Балким, чогуу отургандыр (абакта). Айрыкча, бул мамлекеттик ЖМКларга тийиштүү. Мисалы, Кемпир-Абад маселеси боюнча кишилерди камап коюшту, бирок алар өзүбүздүн эле жарандар, алар да жеке ой-пикирин билдирүүгө укуктуу. Эми болсо алсыз-күчсүз камакта отурушат.*

> *Ушул нерсе мага жакпайт. Мыйзамдар сакталганда... бирок, балким,10-20 жылдан кийин баары өзгөрөттүр.*
>
> ФТД_Бишкек_18-34.

Эл ЖМКлардын мамлекет тарабынан жетиликтүү деңгээлде каржыланбашын жана квалификациялуу адситердин жетишсиздигин олуттуу көйгөй деп эсептейт. Бишкектик бир нече катышуучу кыргыз тилинде көбүрөөк маалымат алып, жаңылыктар жана аналитика менен таанышууну каалаганын билдирген. Президент, Жогорку Кеңеш, акыйкатчы жана Маданият министрлигинин кийлигишүүсү менен мамлекет ЖМК көйгөйлөрүн чечип берүүгө тийиш. Катышуучулардын бири көз карандысыз ЖМКлар боюнча өз оюн айтты:

> *Көз карандысыз ЖМКларды колдош керек, тынчтык митингдерине чыгып, талаптарды коюу, бир нерсеге биригүү же партиялардын катарына кирүү зарыл. Бирок, ошол эле мезгилде, бул адамдардын укуктары бузулбагандыгын, жерди басып алууга же бир нерсени өрттөөгө чакырык таштабагандарын да көзөмөлдөш керек. Баары маданияттуу өтүшү керек.*
>
> ФТД_Бишкек_18-34.

Кыргызстанда жергиликтүү ЖМКлар элдин алдында кадыр-баркына шек келтирген бир катар көйгөйгө дуушар болуп келишет. Ресурстун жетишсиздиги, сапаттын начардыгы, журналисттердин кесипкөйлүк деңгээлинин төмөндүгү жана окшоштуруп тууроо практикасы ЖМКлардын башкы көйгөйлөрү катары белгиленсе, айтылган кооптонуулардын айрымдары мамлекетке тийиштүү болуп калат. Колунда бийлик болгондор гана ЖМКлар менен журналисттердин лоялдуулугун сатып алуу же күч менен ээ болуу аркылуу аларды кысымга алышат.

# Корутундулар жана сунуштар

Россиянын Кыргызстандагы күчтүү таасири уланууда. Ал коопсуздук чөйрөсүндө (Канттагы аскердик базасы жана ККК У); экономика тармагында (ЕАЭБ жана эмгек миграциясы); социалдык чөйрөдө (Роскызматташтык – Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин иштери боюнча федералдык агенттик; Орус үйү ж.б.); билим берүүдө (Россия славян университети, ар кандай алмашуу программалары) таасир этип келет. Калган бардык чөйрөлөрдү бириктирип турган, баарын орду-ордуна койгон жана коомдук пикирди жараткан таасир этүү чөйрөсү болуп, россиялык пропаганда эсептелет.

Кыргызстанда орус пропагандасынын масштабы өтө чоң экенин изилдөө көрсөттү. Ал бүтүндөй жергиликтүү ЖМКларды камтуу менен, телевидение, веб-сайттар, мобилдик тиркемелер, басма өнүмдөрү жана социалдык тармактардагы ар кандай платформалар аркылуу кеңири жайылган. ЖМКлардын баары материалдарын орус тилинде жарыялашат жана көрсөтүшөт. Ал эми Sputnik.kg жаңылыктары кыргыз тилинде да жарыяланат. Россиянын ЖМКларынын саны менен күнүмдүк билдирүүлөрү бардык кыргыз жана тышкы ЖМКлардан кыйла көп. Согуш башталгандан бери медиа керектөөчүлөрдүн көңүлүн өздөрүнө бурууну максат кылган атайы чыгарылыштагы жаңылыктар байма-бай көрсөтүлүп келет.

**НАРРАТИВ**

Россия пропагандасынын нарративин төрт негизги билдирүүгө бөлүп кароого болот: Украина (жолунан адашуу), Батыш (жамандык), Россия (ыйык) жана Кыргызстан (көз каранды).

1

*Биринчиден,* Украина жашоосун улантуу үчүн негизи жок, жасалма мамлекет катары, экинчиден, Россиянын Батыш тарабынан колдоо көрсөтүлгөн нацисттер башкарып жана кыйратып жаткан ажырагыс бир бөлүгү катары көрсөтүлөт. Россия жаңылыктарынын керектөөчүсүндө өлкө катары Украина жолунан адашып, абдырап калгандай түшүнүк жаралат.

2

*Экинчиден,* Россиянын Батыш боюнча пропагандасы Украинага байланыштуу нарративдерден айырмаланып, айдан ачык көрүнүп турат. Пропаганда АКШнын башкаруусу алдында өз кызыкчылыгы үчүн башка өлкөлөрдүн иштерине кийлигишкен жана дүйнө жүзүнө олуттуу көйгөйлөрдү чыгарган «коллективдик Батыштын» кеңири образын жаратат. Украинадагы атайы аскердик операцияны актоого зарылчылык келип чыкканда, орус пропагандасы Россиянын демейде Батыш жасап келе жаткан иштерди гана жасап жатканын белгилейт.

3

*Үчүнчүдөн,* пропагандага ыйлык, Батыштын «аморалдуу» саясатына дал ушул «ыйык Россия» менен орус дүйнөсү каршы турууда. Бул жагынан Россия Батыштын агрессиясына Украинадан жооп кайтарууга аргасыз болгон. Мындан тышкары, Россия өзүн коңшу боордош мамлекеттердин коргоочусу сыпатында позициялайт. Шифрленген билдирүү жоголуп кеткен жана Путин кайра жаратууга аракет кылып жаткан бейишти түшүндүрөт. Бул бейиш эки жолу жок болуп кеткен: биринчиси - Россия империясы СССР болгондо, андан кийин - СССР кулаган учурда. Эми болсо, Россия «кудайды карабаган колониалдык эмес державалар» тарабынан зыян келтирилбеши үчүн колунан келген аракеттерди көрүүдө.

4

*Төртүнчүдөн,* Кыргызстан экономика жана коопсуздук жагынан Россияга өтө эле көз каранды орус дүйнөсүнүн табигый уландысы сыпатында көрсөтүлөт. Бир жагынан караганда, Россия камкорчу жана дос; бирок ошол эле учурда Кыргызстанды Россия жетиле элек жана көйгөйлүү мамлекет катары сыпаттайт, муну эмгек мигранттарынын негативдүү өңүттөн чагылдырылышы далилдеп турат.

Кыргызстанга Батыш менен жакын болуу жакшы жакка алып барбай турганын эскертишип, бул багытта кандайдыр бир кадамдар жасалган учурда, Украинадан кийинки кезек Кыргызстанга келе турганы менен коркутушат.

## КАБЫЛ АЛУУ

Фокус-топтордогу талкуулардын натыйжасында элдин медиа өнүмдөрдү керектөөсү тууралуу тереңирээк маалыматтар алынды. Талкуулардын натыйжасында алты жыйынтык чыгарууга болот.

1

*Биринчиден,* дискуссиялар элдер Интернеттен маалыматты пассивдүү керектегенин, себеби жөн гана смартфонун карап, булактарга көңүл бурбастан эле экранга чыккан маалыматты автоматтык түрдө окуп койгондорун көрсөттү. Ошол эле учурда кандайдыр бир шектенүү жаралса, фактылардын аныктыгын текшерүү максатында телевидениеге кайрылышат. Мындай практиканы жалпы улут менен жалпылоо бул түрдөгү сапаттык изилдөөнүн алкагында мүмкүн эмес. Бирок, үч жердеги тең фокус-топтордун катышуучулары жалпысынан эле телевидениеге, анын ичинен Россиянын телевидениесине шексиз ишенгенин билдиргендиги – бул тынчсыздандыруу жараткан белги.

2

*Экинчиден,* көпчүлүк кишилер пропагандынын башкы принциптерин ой-пикир жаратууга багытталган маалыматтык стратегиянын принциптери катары түшүнүшөт. Мында пропаганда, бир жагынан, ЛГБТ-пропаганданы жайылтууга айыпталган Батыш ЖМКлары менен байланыштырылса, экинчи жагынан, Кыргызстан өзүнүн улуттук идеоогиясын өнүктүрүү үчүн колдонуусу керек болгон позитивдүү инструмент катары кабыл алынат.

3

*Үчүнчүдөн,* Россиянын ЖМКларын талкуулоодо фокус-топтор элдин аларга «кесипкөйлүгү» жана «окуяларды объективдүү чагылдырганы», кеңири катмарга жеткиликтүүлүгү жана кишилердин өз ЖМКларындай мамиле кылуусун камсыздаган көнүмүш/сентименталдык баалуулуктары үчүн ишенгендигин көрсөттү.

4

*Төртүнчүдөн,* Россиянын Украинага каршы ачкан согушу тууралуу кеп болгондо, калк же Россияны колдойт, же болбосо кандай мамиле кыларын билбей абдырап калат. Саналуу гана кишилер Россияны агрессор деп эсептешет.

5

*Бешинчиден,* Батыш ЖМКлары Россияга каршы сындоочу мамиледеги, исламофобиялуу жана дүйнө жүзүндө ЛГБТга толеранттуулукту жайылтууну максат кылган ЖМКлар катары сыпатталат.

6


*Алтынчыдан,* Кыргызстандын жергиликтүү ЖМКлары фокус-топтордун катышуучуларынын ишенимине ээ эмес. Кыргыз ЖМКлары жөнүндө алсыз жана кесипкөй эмес ЖМКлар, ошондой эле таасирдүү кишилердин колундагы инструменттер катары түшүнүк бар.

## ЭМНЕ КЫЛСА БОЛОТ ЖАНА ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Россиянын пропагандасына жана анын негативдүү таасирлерине каршы күрөшүү үчүн бир эле учурда бир катар кадамдар менен капитал жумшоо талап кылынат. Бир дагы субъект бул максатка же көзгө көрүнөрлүк натыйжаларга өз алдынча жетише албайт. Дал ушул себептүү, иш-аракеттерге карата төмөндө келтирилген сунуштардын көбүндө биргелешкен күч-аракеттерди жумшоо зарыл. Кыргыз бийлиги менен билим берүү мекемелеринин же батыштык донорлор тарабынан каржыланган долбоорлордун кыргыз ЖМКлары менен кызматташтык ичинде биригүүсү — туура деп табылган багыт. Эң жакшысы – Кыргызстандын бийлиги, батыштык донорлор, ошондой эле Кыргызстандын журналисттик, жарандык жана изилдөөчүлөр коомдорунун катышуусунда тийиштүү чаралардын көрүлүшү. Төмөндө келтирилген сунуштардын кээ бирлери шашылыш иш-аракеттерди талап кылат — Кыргызстанда украиналык жаңылыктарды трансляциялоо, башкалары узак мөөнөттүү келечекке эсептелген — Кыргызстанда журналисттик билим берүүнү модернизациялоо. Бирок булардын баары тең Кыргызстанда пропаганданын басымына каршы турууга жөндөмдүү натыйжалуу, көп түрдүү, инклюзивдүү жана туура иштеген медиаландшафтты өнүктүрүүгө багытталган.

Изилдөөбүздүн натыйжасында даярдалган төмөндө тизмектелген **18 сунуш** ЖМКлардын өнүгүү багытындагы мурдагы тажрыйбаларын эске алуу менен IWPR жана EUCAM кызматкерлери тарабынан иштелип чыкты. Албетте, алардын айрымдарын дароо жана бир жактуу иш-аракеттердин негизинде ишке ашыруу мүмкүн, ал эми кээ бир өзгөртүүлөр менен кийлигишүүлөр кыйла амбициялуу келип, көбүрөөк убакытты жана кызматташууда жана/же каржылоодо кеңири консенсусту талап кылат.

# Сунуштар



Төмөндө Кыргызстандын бийлигине, ЖМКлары менен журналисттерине, жергиликтүү академиялык чөйрөлөрүнө жана изилдөөчүлөр коомдоруна, ошондой эле эл аралык донорлор менен батыштын саясий ишмерлерине арналган 18 сунуштан турган тизме орун алды. Изилдөө көрсөтүп тургандай, жалпы милдет Кыргызстанда учурдагы Россиядан көз карандылыкка, анын нарративдерине жана мындан аркы көз караштарга туруштук бере алган пост-колониялык бирдейликти жана менталитетти калыптандырууда турат. Мында орус пропагандасына контрпропаганда аркылуу каршылык көрсөтүү жетишсиз. Ичине көп сандагы субъектилерди жана алардын өз ара аракеттешүүсүн камтыган комплекстүү жана грануляцияланган ык-амалдын болушу шарт. Төмөндө сунушталган медиасабаттуулук, сынчыл ой жүгүртүү жана туруктуулук; гендердик теңдик; журналистика эркиндиги; ата мекендик ЖМКларды мыктылоо жана башка кадамдар кво-макамды өзгөртүүгө — кыргыз мамлекеттүүлүгүнө коркунуч жараткан жана барган сайын өсүп жаткан Россиядан көз карандылыкты азайтууга жардам берет.

## Бардык кызыкдар тараптарга сунуштар

### 1. КЫЗМАТТАШТЫКТЫ АКТИВДЕШТИРҮҮ

Кыргыз бийлиги, эл аралык донорлор, ЖМКлар менен жарандык коом чукул арада биргелешип россиялык пропагандага каршы аракеттенүүгө жана кыргыз журналистикасын өнүктүрүүгө киришүүгө тийиш. Муну аткарганга караганда айткан оңой. Кыргызстандын бийлиги кыргыз ЖМКларын өнүктүрүүнүн ордуна, алардын укуктары менен иш-аракеттерин чектеп келет, ал эми жергиликтүү журналисттер менен жарандык коомдун өкүлдөрү көп учурда өкмөт тарабынан жабылган жалаанын кесепетинде беделинен ажыроодо. Россиянын нарративдери үстөмдүк кылган өлкөлөрдө эл аралык донорлордун колдоосун күчөтүү зарыл. Аталган төрт тарап тең ресурс, кызматташтык жана саясий эрк жагынан белгилүү бир даражада бири-биринен көз каранды болгондуктан, аларды пикир алмашуу, кызматташуунун механизмдерин иштеп чыгуу жана Кыргызстандын Кремлдин пропагандасынан көз карандылыгын азайтуу максатында түрдүү аянтчаларга чогултуу пайдалуу болмокчу.

## 2. КЫРГЫЗ КОНТЕНТИН ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИН (БУЛАР АРКЫЛУУ КЫРГЫЗ БИРДЕЙЛИГИН) ИЛГЕРИЛЕТҮҮ

Бул долбоор — элдин көңүлүн ЖМК-лардын тили катары кыргыз тилине көбүрөөк бурууга багытталган биринчи долбоор эмес. Кээ бир методдор апробациядан өткөн менен, ийгиликтүү боло алган жок (кыргыз тилинде өнүмдөрдү чыгарууга же орус тилиндеги материалдарды кыргыз тилине которууга квоталар). Кыргыз ЖМКлары окурмандар менен көрүүчүлөрдүн көңүлүн өздөрүнө бурушу үчүн жогорку сапаттагы көбүрөөк контент өндүрүп чыгарууга умтулушу керек. Бул үчүн журналисттердин билим деңгээлин жана кыргыз ЖМКларынын кесипкөйлүгүн жогорулатып, аларды жарнаманын эсебинен каржылоого ээ болгон экономикалык жактан жашоого жөндөмдүү бизнеске айландыруу зарыл (Кыргызстандын бийлиги өнүгүү үчүн мейкиндикти камсыз кылууга тийиш). Конкреттүү иш-аракеттерге жергиликтүү контентти жаратууну колдоо жана түрдүү көз караштарды чагылдыруу үчүн кыргыз тилинде иш жүргүзгөн редакторлордун санын көбөйтүүнү; өлкөнүн конкреттүү аймактарына багытталган кыргыз тилиндеги контентти түзүү жана аны илгерилетүү үчүн ЖМКлардын «жергиликтүү кыргыз бөлүмдөрүн» түзүүнү; кыргыз тилдүү ЖМКларды интернетке жарнама чыгарууну каалаган компаниялар үчүн артыкчылыктуу мүнөзгө ээ кыла турган онлайн бизнес-моделдерди жайылтууну киргизсе болот.

Кыргыз тилдүү контентти бардык жерлерге жана жалпыга маалымдоо каражаттарынан тышкары, кыргыз котормочуларын, контент түзүүчүлөрдү, ЖМКларды, Википедия авторлорун, тил боюнча энтузиасттарды жана башка кызыкдар тараптарды бириктирген платформаларды жана/же иш-чараларды кошкондо, түрдүү жолдор менен жайылтуу зарыл. Мындай биргелешкен күч-аракеттердин натыйжасында баалуу корутундулар менен практикалык чечимдерге жетишүү мүмкүн. Котормого жана китептерди, макалаларды которууга, фильмдерди дубляждоого арналган локализацияга багытталган гранттар да маанилүү. Дубляждоо долбоорлорунун ийгиликтүү болуусун камсыздоо үчүн жергиликтүү телеберүү компаниялары, стримингдик платформалар жана кинофестивалдар менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү максатка ылайык. Аталган уюмдар менен кызматташуу локализацияланган контентти жайылтууга жана кыйла кеңири аудиторияны өзүнө тартууга жардам берет. Ошондой эле, кыргыз тилиндеги көңүл ачуучу мүнөздөгү өнүмдөрдүн керектелишин жана колдонулушун жакшыртуу максатында мобилдик тиркемелерди колдонууга ыңгайлуу жана кыргыз тилдүү аудиторияга жагымдуу кылып өзгөртүү аркылуу аларды локализациялоону да ишке ашыруу абдан маанилүү. Мындан тышкары, кыргыз элинин классикалык жана салттуу материалдары менен билимдерин заманбап контекст жана жаш муундар үчүн ылайыктоо мүмкүндүгүн дагы карап чыкса болот, ошондой эле кыргыз маданиятына жана мурасына байланыштуу конкреттүү темаларды жайылтуу аракети менен алектенген энтузиасттарга да ресурстар менен тийиштүү жардамдар берилүүгө тийиш.

## 3. ОРУС ПРОПАГАНДАСЫНА АЛЬТЕРНАТИВА ИРЕТИНДЕ УКРАИНАЛЫК ЖАҢЫЛЫКТАРДЫ СУНУШТОО

Батыш ЖМКларынын Россиянын Украинадагы согушун түшүндүрүп отурганынын ордуна, Кыргызстандагы аудитория үчүн Украинанын телевидениесин трансляциялоо жана украиналык ЖМКлардын орус тилинде жеткиликтүүлүгүн көбөйтүү орус пропагандасына каршы туруунун натыйжалуу жана кыска жолу боло алмакчы. Таандыктык менен жалпы тарыхтык сезимди жаратууда батыш ЖМКлары орус ЖМКларына тең келе албайт, ал эми украиналык ЖМКлар Кыргызстанга потенциалдуу жакын болууга мүмкүнчүлүк бар. Украинада орус тилдүү аудиторияга альтернативдүү ой-пикирлерди жеткирүү максатында орус тилиндеги контент өндүрүүгө күч-аракеттер жумшалып жатат. Орус жана украин тилдеринде даярдалган айрым материалдарды андан да жеткиликтүү кылыш үчүн, аларды кыргыз тилине которуп, субтитрлер менен (жаңсоо тилин кошкондо) берсе жакшы болмокчу.

## 4. ЖМКЛАР АРКЫЛУУ АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ

Россиялык маалымдоо каражаттары гендердик зомбулукту нормалдаштыруу үчүн колдонулган «салттуу баалуулуктарды» пропагандалайт. Бул көрүнүш россиялык пропагандага каршы туруу жана теңдемдүү ата мекендик ЖМКларды өнүктүрүү үчүн негиздүү себеп болуп саналат. Билим берүү, долбоорлор жана элди кабардар кылуу аркылуу кыргыз ЖМКлары аялдар ойногон түрдүү ролдорду чагылдырып, бардык маанилүү маселелер боюнча аялдардын пикирлерине көбүрөөк көңүл бурууга тийиш. Мында кеп аялдарды батыштын үлгүсүндө чагылдыруу эмес, аялдардын пикирлерине маани берүү жөнүндө болуп жатат. Аялдар да, эркектер да аялдарга дискуссияларды жана жаңылыктарды жаратууга мүмкүндүк берүүгө жөндөмдүү болуусу абзел.

## 5. ЛГБТ УКУКТАРЫНА ЖАНА ЧИРИП БАРА ЖАТКАН ДЕП МҮНӨЗДӨЛГӨН БАТЫШТЫН БААЛУУЛУКТАРЫНА КАРШЫ БАГЫТТАЛГАН РОССИЯЛЫК ПРОПАГАНДА МЕНЕН КҮРӨШҮҮ

Кыргызстандын өкмөтү Россиянын стратегиясын туурап, өспүрүмдөрдү жыныстык жактан тарбиялоо мыйзамын киргизүүдө. Эми мамлекет ЖМКлар жөнүндө сунушталган мыйзамдын 5-редакциясында окшош жыныстык мамилелер тууралуу билдирүүлөргө тыюу салат. Стратегия катары коркутууларга шыкоо эсептелип, эми күнөө ЛГБТлардын мойнуна илинип калды. Эл аралык уюмдардын көбү өкмөт/президенттин кеңсеси менен жабык эшик артында сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жаткандарын айтышууда, жана АӨБ менен Дүйнөлүк банк сыяктуу эл аралык уюмдар адам укуктары жаатында саясатты жакшырткан учурда, келечекте колдоо көрсөтүү мүмкүндүгүн карап чыга алышмакчы. Кремлдин методичкасынан авторитаризмдин күчөшү ЛГБТларга кысым көрсөтүү менен башталары, андан кийин мындай кысым демократия менен сөз эркиндигине өтө турганы белгилүү. Батыштын тактикасы жумшак жана позитивдүү билдирүүлөр менен ык-амалдарды колдонуу аркылуу, жалпылыкты жана бөлбөй, тескерисинче, бириктирип турган нерселерди баса белгилеши керек. Булар, маселен, биз «коррупцияга каршы отчёт берүүгө милдеттүүлүктү» жайылткан сыяктуу, кастык тилине каршы инклюзивдүүлүктү илгерилетүүнү камтыса болот.

Россиялык пропаганда Кыргызстанда ЛГБТ укуктарына залакасын тийгизүүдө. Россиянын ЖМКларынын негативдүү мамилеси менен шыкактоочу сөздөрү коомдогу «традиционалисттик» топтордун ичинде жана кыргыз бийлигинде колдоого алынып келет. Кыргызстандын ЛГБТ-коомун колдоо үчүн эң жакшы аракет – бул россиялык пропагандага каршы туруу. Батыштык донорлор тарабынан колдоого алынып, жарнамаланган ЛГБТларга багытталган долбоорлор негативдүү кесепеттерге алып келиши, ал тургай түрдүү топтор үчүн кошумча коркунучтарды туудурушу ыктымал. Жарандык коом тарабынан жергиликтүү шарттардын изилдениши менен башталган жана аяктаган акылга сыярлык иш-аракеттерди аткаруу зарыл. Эң туурасы – мындай долбоорлор ЛГБТ өкүлдөрүн өзүнчө топ катары эмес, коомдун бир бөлүгү катары катыштырууга тийиш; мында донор жана Кыргызстандын өкмөтүнүн колдоосу менен уюштурулган музыкалык фестивалдар (алар жөнүндө кыргыз ЖМКлары билдирүү таратат) тууралуу айтсак болот. Орус телевидениеси ток-шоуларды колдонгон сыяктуу эле, кыргыз ЖМКлары жергиликтүү тилде сүйлөгөн батыш эксперттеринин катышуусунда ушундай эле иш-чараларды өткөрө алат.

## 6 ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖМКЛАРДЫН ЖАГЫМДУУ, КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАКТАН ТУРУКТУУ БОЛУШУН КАМСЫЗДОО

Кыргызстандын шарттарында ЖМКлардын финансылык туруктуулугун жана көз карандысыздыгын жогорулатуунун жолдорун изилдеп чыгуу. Бул изилдөө кыргыз аудиториясынын нюанстарын жана ЖМКлардын донорлордон финансылык жактан көз карандысыз болушун камсыздоо жолдорун андап-түшүнүүгө жардам берет. Иштин негизинде эл аралык уюмдар кыргыз ЖМКларына бизнес-моделдерди түзүү боюнча тренингдерди сунуштап, же болбосо акселерациялык программаларды камсыздай алышат. Изилдөөлөргө негизделген потенциалды өстүрүү боюнча кампания тренингдин контексттик мазмуну жагынан натыйжалуу боло алмакчы.

Жергиликтүү ЖМКларды колдоо үчүн пайдаланууга боло турган көптөгөн кыска мөөнөттүү мүмкүнчүлүктөр бар. Алардын бири болуп, медиареформаны илгерилетүү жана ЖМКларды өнүктүрүүгө көмөктөшүү максатында ЖМК уюмдары менен жарандык коомду бириктириш үчүн каржылоону жана мүмкүндүктөрдү камсыздоо аракети эсептелет. Алар биргелешип жогорку сапаттагы кыргызча контентти жаратууга жана ЖМКлардын экономикалык жактан жашоого жөндөмдүүлүгүн жогорулата турган бизнес-моделдерди иштеп чыгууну өбөлгөлөш үчүн жергиликтүү контент-студияларга арналган долбоорлорду иштеп чыга алышат. Дагы бир алдыда турган демилге болуп, контент алмашуу эсептелет. Мында бир нече ЖМКдан турган эң мыкты контент жеткиликтүү онлайн-тармакка жайгаштырылат. Жалпысынан, жаш журналисттер квалификациялуу кыргыз жана батыш журналисттеринен тажрыйба ала турган окутуу иш-чараларын өткөрүп туруу зарыл. Европада батыш ЖМКларында стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүктөрү кыйла жеткиликтүү болушу керек.

Профессионалдуулукка жана экономикалык жактан жашоо жөндөмдүүлүгүнө карай умтулууда кыргыз ЖМКлары мындан да жагымдуу болууга тийиш. Албетте, кыргыз ЖМКлары Кыргызстан тууралуу да, Россиянын Украинадагы толук масштабдуу согушу тууралуу да фактыларга негизделген жаңылыктарды сунуштап, орус пропагандасынын бетин ачуу багытындагы иш-аракеттерди активдүү жүргүзүшү керек. Бирок, мындан тышкары, потенциалдуу керектөөчүлөр документалдуу фильмдерди жана маданиятка багытталган шоуларды камтыган көңүл ачуучу контенттен улам, өздөрүн күтүлгөн коноктой сезе алуусу абзел. Варианттардын бири — искусство, спорт жөнүндө, ошондой эле элди социалдык тармактардын платформаларынан жана телевизиондук шоулар аркылуу бириктирип турган чөйрө катары дин тууралуу дагы көбүрөөк маалымат берүү.

Кыргызча контенттин сапатын жогорулатуунун экинчи варианты — Netflix сыяктуу эл аралык платформалар үчүн жогорку сапаттагы контент жаратуу максатында кыргыз кинематографисттери менен кызматташуу. Мындан тышкары, кээ бир популярдуу дүйнөлүк фильмдердин кыргыз тилине сапаттуу которулушу дагы кыргыз аудиториясын жаңы жана кызыктуу контент менен камсыздап, басымдуулук кылган россиялык медиаландшафтка альтернатива катары кызмат кыла алат.

# Кыргыз бийлигине сунуштар

## 7. КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТТЕРИН КЫСЫМГА АЛУУНУ ТОКТОТУУ ЖАНА КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНЫН ТУРУКТУУЛУГУН ӨНҮКТҮРҮҮ

2021-жылдагы «Фейктер» жөнүндө мыйзам Кыргызстандын ЖМК өндүрүүчүлөрүнө да, керектөөчүлөрүнө да зыян келтирүүдө. Мындан тышкары, Мыйзам өлкөнүн мамлекеттик курулушунун амбицияларына, өкмөттүн кыска мөөнөттүү келечегине жана туруктуулугуна дагы каршы келет. Кыргызстандын бийлиги көз карандысыз журналистикага каршы аракеттенүүнү токтотуп, мунун ордуна кыргызстандык ЖМКлар менен журналисттерге өз чөйрөсүндө кесипкөйлүгүн жогорулатууга жардам бериши керек. Эл жергиликтүү ЖМКларды дээрлик пайдаланбай калган, про- жана антиөкмөттүк басылмалардын, классикалык газеталар/телевидение менен активисттик интернет-блогерлердин ортосунда ажырым болгон азыркы абал элдин өз өлкөсү жана аны башкаргандар тууралуу пикирине терс таасирин тийгизүүдө.

Россиянын пропагандасына натыйжалуу туруштук бере алыш үчүн Кыргызстан кеңири маданий туруктуулук процесси нен өтүүсү зарыл. Бул процессти Кыргызстандын өкмөтү жетектеши керек. Россиянын пропагандасы бир гана телевидение, интернет жана газеталар аркылуу сүңгүп кирбестен, коомдук түзүлүшкө маданий код — билим берүү, адабияттар, архитектура, көчөлөр менен шаардын райондорунун аталыштары, символдор, айкелдер, тил, майрамдар, көңүл ачуулар жана башкалар аркылуу тамыр жаюуда. Улуттук бирдейликти калыптандыруудан ондогон жылдар бою баш тартып келген соң, эми жалпы улуттук ойлонуштуруп чыгуу талап кылынат. Процессти, маселен, жыныстык өзгөчөлүк боюнча кодулоону жана зомбулукту актоо максатында манипуляциялоо жана баалуулуктарды «традиционалдаштыруу» менен алмаштырбаш керек. Чындыгында, бул процесс Кыргызстандын жеке тарыхын, адабияттарын, майрамдарын, улуттук баатырларын жана символдорун (кайрадан) аңдап-түшүнүү, ошондой эле жеке өзүнүн көңүл ачуучу медиа контенти аркылуу өзүнүн бирдейлигин бекемдөө процесси болуп саналат.

## 8. РОССИЯНЫН ПРОГРАММАЛАРЫНА ЭФИРДИК УБАКЫТ БЕРҮҮНҮ ТОКТОТУУ

Бир нече россиялык ЖМК социалдык пакеттин бир бөлүгү катары, Кыргызстандын коомдук телеберүү системасына кирет. Эмне үчүн кыргыз жарандары коомдук каналдар аркылуу россиялык пропагандага кабылышы керек экендигин түшүнүү кыйын. Кыргызстандын бийлиги бул практиканы токтотууга тийиш. Ошол эле учурда кыргыз ЖМКларына көбүрөөк эфирдик убакыт берилиши керек. Бул жерде кеп орус тилин сүрүп чыгаруу жөнүндө эмес, орус тили менен катар эле жаңылыктарды керектөө тили катары кыргыз тилин жайылтуу жөнүндө болууда. Россиялык ЖМКларга кеңири масштабдуу көрсөтүү мүмкүндүгүнүн берилиши кыргыздын бирдейлигин өркүндөтүүгө умтулган өкмөттүн дагы кызыкчылыктары менен карама-каршы.

# Кыргыз ЖМКлары менен журналисттерине сунуштар

## 9. ЖУРНАЛИСТТЕРДИН ИНКЛЮЗИВДҮҮ ЖАНА ПРОФЕССИОНАЛДЫК АССОЦИАЦИЯСЫН ТҮЗҮҮ

Мындай аргумент биринчи аргумент менен байланыштуу. Анда журналисттердин өз ишин профессионалдуу аткарып, таасирлерин күчөтүш үчүн көндүмдөрүн өнүктүрүүсү жана инструменттерди өздөштүрүүсү зарыл экендиги айтылат. Муну менен катар эле, журналисттер инклюзивдүү профессионалдык ассоциацияны же кыргыз журналисттеринин гильдиясын түзүү максатында биригүүгө тийиш. Иликтөөчү журналисттер, блогерлер, аналитиктер жана БӨУ өкүлдөрү көбүрөөк журналисттик долбоорлордун үстүнөн биргелешип иш алып барышы керек. Бүгүнкү күндө көп журналисттер менен блогерлер журналисттик жогорку билимге ээ эмес же журналистик баалуулуктарды, инструменттерди жана көндүмдөрдү үйрөнүү процессинен өткөн эмес. Журналисттер тажрыйба жана маалымат алмаша турган аянтчаны түзүү кыргыз ЖМКларынын башын бириктирүүгө көмөктөшө алмак. Өз ара аракеттешүү учурда иштеп жаткан профсоюздардын чегинен тышкары ишке ашырылууга тийиш. Ассоциация же гильдия ЖМКны башкаруу, контент жаратуу жана аудиторияларды тартуу боюнча кыргыз редакторлору менен жолугушууларды да уюштура алмакчы.

# Академиялык чөйрөлөр менен изилдөөчүлөр коомуна сунуштар

## 10. АР ТАРАПТУУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АЛКАГЫНДА ОНЛАЙН-САБАТТУУЛУККА, СЫНЧЫЛ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮГӨ ЖАНА КАБЫЛДООГО КӨҢҮЛ БУРУУ

Интернет менен смартфондордун жеткиликтүүлүгү жогорулап жаткандыгына байланыштуу, санариптешүүнүн жалпы эле элдин күнүмдүк турмушуна тийгизген таасирин жана дезинформация менен ага байланыштуу коркунучтарды аңдап-түшүнүүнүн жетишсиздиги келип чыгууда. Кыргыз мектептери менен университеттеринен мектеп окуучулары менен студенттерге санарип инструменттерди колдонууну үйрөтүүсү талап кылынат. Жаш балдар интернетти оңой колдонуп, өздөрүнө санариптешүү мүмкүнчүлүктөрүнө жол ачуу менен катар эле, пропаганда, дезинформация жана алгоритмдердин таасири жагынан социалдык жана санарип медиалар жараткан коркунучтарды да түшүнүүлөрү абзел. Медиасабаттуулукту жогорулатууга багытталган учурдагы демилгелер менен долбоорлор күчөтүлгөн жана узак мөөнөттүү колдоого муктаж, болгондо да бул маселеге мектептик билим берүүнүн жардамы менен эрте жаштардан тарта көңүл бурулушу керек.

## 11. ЖУРНАЛИСТТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО

Мурунку долбоорлорго таянып, Кыргызстандын университеттери журналисттерди тез өзгөрүп жаткан (онлайн) чөйрөдө иштөөгө даярдоо үчүн журналистика жана медиа тармагында билим берүүнү модернизациялоо процессин уланта берүүгө тийиш. Журналистика факультеттеринин окутуучуларынын өндүрүштүк практикадан өтүүсү талап кылынат. Мыктыланган окуу программалары жаштар үчүн кызыктуу болуу менен катар эле, материалдарды кыргыз тилинде даярдоо аркылуу алардын россиялык же батыштын окутууларынан көз карандылыгы азайтылышы керек. Жаш журналисттер жергиликтүү кыргыз шарттарында да, эл аралык чөйрөдө да иштөөгө үйрөнүүсү зарыл. Визуалдык жана тексттик контентке басым жасоо менен онлайн-журналистикага көңүл топтолушу керек экендиги шексиз. Изилдөөчүлүк жана жазуучулук иштен тышкары, бизнес катары ЖМКларды өнүктүрүүгө да көңүл бурулуусу абзел. Студент-журналисттер үчүн кыска мөөнөттүү стажировкаларды сунуштоо менен Кыргызстандын аймактарында жергиликтүү ЖМКларга колдоо көрсөтүлүшү керек.

## 12. ПРАКТИКАЛЫК ЖАНА БЕРИЛИШТЕРГЕ НЕГИЗДЕЛГЕН ИЗИЛДӨӨЛӨРГӨ ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АНАЛИЗГЕ ИНВЕСТИЦИЯ ЖУМШОО

Европадагы жана Борбор Азиянын өзүндөгү изилдөөчүлөрдүн коомдору Борбор Азиядагы медиакеректөө жана коомдук пикир, ошондой эле алар жергиликтүү жана чет өлкөлүк күчтөр тарабынан кандайча калыптана тургандыгы жөнүндө көп биле беришпейт. Бул изилдөөнүн натыйжасында изилдөөчүлөрдүн (кыйыр түрдө саясий чөйрөлөрдүн дагы) Кыргызстандын медиаландшафтын жана анын көйгөйлөрүн жакшыраак түшүнүүсүнө жардам бере турган көп сандагы маалыматтар алынды. Кыргызстандагы кошумча изилдөөлөр жана Борбор Азиянын башка өлкөлөрүндөгү ушуга окшош демилгелер европалыктарга, Борбор Азиянын жашоочуларына жана башка өлкөлөргө бул коомдордун кандайча өнүгүп келе жаткандыгын түшүнүүгө жардам бермекчи. Саясатты иштеп чыгуу процессине байланышкан изилдөөлөр кеңейтилип, россиялык пропагандага каршы аракеттенүүгө жана кыргыз ЖМКларын өнүктүрүүгө багытталууга тийиш. Биринчи учурда сунуштар Молдова, Түштүк Кавказ өлкөлөрү жана Борбор Азиянын башка өлкөлөрү сыяктуу россиялык пропаганданын таасирине кабылган окшош өлкөлөрдөгү абалды жана саясатты баалоону жана салыштырууну камтуусу зарыл. Экинчи учурда кыргыз медиаларын керектөөнү изилдеп чыгуу же Кыргызстанда жергиликтүү ЖМКларды өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу тууралуу ойлонуп көрсө болот.

## 13. ЖМК/КОММУНИКАЦИЯ/КАБЫЛ АЛУУ МЕНЕН КЫРГЫЗСТАНДА ЖАНА БАШКА ӨЛКӨЛӨРДӨ КӨРСӨТҮЛГӨН ТААСИРЛЕРДИН ОРТОСУНДАГЫ БАЙЛАНЫШТЫ ЖАКШЫРАК АНАЛИЗДЕП ЧЫГУУ

Бул изилдөө россиялык пропаганданын Россиянын кыргыз коомуна таасир этүүсүнүн негизги инструменти экендигин көрсөттү. Кыргызстандын медиаландшафтында орус ЖМКларынан тышкары, бирок кыйла азыраак масштабдарда кытай, түрк жана батыш ЖМКлары сыяктуу тышкы акторлор да аракеттенишет. Россия менен Кытайдын Борбор Азиядагы геосаясий таасири тууралуу көп нерсе маалым болсо, тышкы акторлор тарабынан коомго таасир этүү, ошондой эле экономикалык жана саясий таасир этүү максатында колдонулган онлайн-ЖМКлардын ролу тууралуу маалымат кыйла эле аз. Мисал катары, Кыргызстанга, ошондой эле Казакстанга, Түркмөнстанга жана Өзбекстанга таасир этүү үчүн инструмент сыпатында түрк тилдерин колдонгон Түркияны алууга болот. Дагы бир мисал болуп, Кытайдын өз кызыкчылыктарын жайылтуу максатында колдонгон социалдык тармактар аркылуу онлайн-медиага таасир этүү потенциалы эсептелет.

# Донорлор менен саясий багытты белгилеген европалык саясатчыларга сунуштар

## 14. КВО-МАКАМЫН КАБЫЛ АЛБОО ЖАНА КЫРГЫЗ ЖМКЛАРЫНА БАГЫТТАЛГАН ЖАРДАМДЫ ШАШЫЛЫШ ЖАРДАМ КАТАРЫ КВАЛИФИКАЦИЯЛОО

ЕБ, Улуу Британия жана АКШ, Кыргызстан менен кызматташууга кызыкдар ири донорлор катары, активдешүүгө жана орус пропагандасынын Кыргызстандын өкмөтүнө тийгизген негативдүү таасирине байланыштуу көйгөйдү чечүү үчүн өздөрүнүн таасир этүү рычагдарын колдонууга тийиш. Кыргызстан Россия менен Украинанын ортосунда бейтарап абалын сактоого умтулуп жаткан мезгилде, коомдук пикирдин басымдуу бөлүгү россиялык пропаганданын негизинде калыптанууда. Батыштык өнөктөштөр Россия пропагандасынын Кыргызстандагы ролун нормалдуу көрүнүш катары кабыл албоого тийиш жана конкреттүү реформалар менен ЖМКларды өнүктүрүүгө мейкиндикти камсыздоосу үчүн кызматташууну жана финансылык колдоону сунуштоо аркылуу кыргыз бийлигине муну ачык билдириши керек.

Батыштык донорлор медиаsuccessfully өнүктүрүү жана россиялык ЖМКлардын таасирлерине каршы аракеттенүү багытында жардамды координациялоодо күч-аракеттерин бириктириши керек. Донорлордун назары Украинага багытталган, жана бул туура. Бирок Европа өкмөттөрү Россиянын Украинадагы толук масштабдуу согушу Борбор Азияга кандайча таасир этип жатканын билүүгө тийиш. Россия мурункудай эле өзүнүн салттуу жана санариптик ЖМКларга тийгизген таасири аркылуу Борбор Азиянын тездик менен өзгөрүп жаткан коомдорунда пикир жаратууга жөндөмдүү. Ошентип, батыш өлкөлөрү (ал тургай Кытай дагы) азырынча Россиянын пропагандисттик таасиринен кийинки экинчи даражада турушат. Бул абалды өзгөртүш үчүн маанилүү колдоолор менен ресурстар талап кылынат. Батыштык донорлор Украинага колдоо көрсөтүүдөн тышкары кошумча чараларды көрүүгө даяр болсо, көз карандысыз ЖМКлар менен билим берүүгө жумшалган инвестициялар Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн келечек муундарынын перспективаларын аныктоого, Борбор Азияда батышка каршы мамиленин калыптанышына жол бербөөгө жардам берет.

## 15. КЫРГЫЗСТАНГА ЖМКЛАР ЖӨНҮНДӨ САПАТТУУ МЫЙЗАМДАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУГА КӨМӨКТӨШҮҮ

2021-жылдагы «Фейктер» жөнүндө мыйзам кыргыз ЖМКларынын өнүгүүсүнө залакасын тийгизип, а бирок россиялык пропагандага эч кандай таасир этпөөдө. Донорлор Кыргызстанга ЖМКларга байланыштуу журналисттик ишмердүүлүктү чектебестен, тескерисинче, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүп бере турган жаңы мыйзамдарды иштеп чыгуу үчүн жардам бериши (керек болсо, түрткү болушу) керек. Жаңы мыйзамдар эл аралык стандарттарга, айрыкча Кыргызстан мүчө болгон ЕККУ стандарттарына шайкеш келүүсү зарыл. Мындан тышкары, донорлор корутундулары жана кеңештери менен жардам бере турган Венеция комиссиясын (Кыргызстан Европа Кеңешинин мүчөсү болбой туруп мүчө болгон комиссия) ишке тарта алышат.

Венеция комиссиясы иштеп жаткан мыйзамдар жөнүндө пикирин билдирип, демократиянын, адам укуктарынын жана Европа Кеңешинин мыйзамынын үстөмдүгүнүн принциптерине жооп бере турган жаңы укуктук база боюнча сунуштарды бере алат. Донорлор жарандык коомдун ЖМКлар жөнүндө жоболордун укуктук реформасына багытталган программаларына да колдоо көрсөтүүнү улантышы керек; бул жерде «Адилет» юридикалык клиникасы жана «Статья 19» сыяктуу БӨУлардын иштерин эске сала кетсек болот.

## 16. БОРБОР АЗИЯЛЫК ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮНҮ ЖАНА АГЫМДЫК ОНЛАЙН-КӨРСӨТҮҮНҮН КОМПОНЕНТТЕРИН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ КӨМӨКТӨШҮҮ

Борбор Азия өлкөлөрүндө аймактык кызматташтыктын жалпы форматтары аз болуп, алардын ар бири жеке улуттук бирдейлигин өз алдынча куруп жаткан учурда, бул өлкөлөрдүн элдерин байланыштырып турган жалпы тарых, тил жана маданият сыяктуу көптөгөн факторлор бар. Сырттан каржыланган, бирок жергиликтүү деңгээлде даярдалган көңүл ачуучу программалар, музыкалык шоулар, спорттук трансляциялар, балким сериалдар же триллерлер дагы беш өлкөнүн баарында тең аудиторияны потенциалдуу түрдө өзүнө тарта алмак. Ири агымдык сервистер жергиликтүү продюсердик компаниялар үчүн консультациялык же багыт көрсөтүүчү роль ойномок. Борбор Азиялык программалар жергиликтүү тилдердин кыйла кеңири колдонулушун биринчи орунга коюп (Кыргызстандагы өзбекче программаларга, Казакстандагы кыргызча программаларга ж.б. субтитрлер берилиши керек), Россиянын ЖМКлары басымдуулук кылган медиаландшафттан акырындап четтөөгө жардам берет.

## 17. ЖМКЛАРДЫ КОЛДООНУ СЕКТОР АРАЛЫК МАСЕЛЕ КАТАРЫ КАРОО

ЖМКларды өнүктүрүү жана россиялык пропагандага каршы аракеттенүү проблемалары өз алдынча тема катары да, сектор аралык маселе катары дагы каралууга тийиш. Жалпыга маалымдоо каражаттары донорлор тарабынан каржыланган билим берүүгө, социалдык-экономикалык, коопсуздук жана башкаруу маселелерине байланыштуу көптөгөн изилдөө, окутуу жана маалыматтык-агартуу долбоорлорунда белгилүү бир роль ойноого тийиш. Мисалы, гендердик теңдикке арналган долбоорлор ЖМКларды журналисттерди гендердик теңдикке байланыштуу маселелер боюнча окутуу аркылуу бенефициар сыпатында, же болбосо ЖМКлар менен кызматташуунун алкагында долбоордун натыйжаларын жайылтууда кызыкдар тарап сыпатында көрсөткөн компонентти камтый алат. Ал эми Россиянын пропагандасына каршы күрөшүү жөнүндө сөз кыла турган болсок, билим берүү жана кесиптик даярдоо боюнча долбоорлор мисинформацияга жана дезинформацияга карата туруктуулуктун өнүттөрүн кененирээк камтыса болот. Мындан тышкары, орус ЖМКларында патриархалдык баалуулуктар менен гомофобия пропагандалангандыктан, туруктуулукту да, альтернативдүү нарративдерди да өнүктүрүү зарыл.

## 18. НАТЫЙЖАЛУУ МОНИТОРИНГДИН ЖАРДАМЫ МЕНЕН ИЙГИЛИКТЕРДИ ЖАНА ИЙГИЛИКСИЗДИКТЕРДИ БААЛОО

Өкмөттүк секторлор мониторингдик долбоорлорду байма-бай демилгелеп чыккан учурда, бейөкмөт уюмдар, ЖМКлар жана билим берүү сектору дагы жергиликтүү, улуттук жана аймактык деңгээлде пропаганданы сапаттуу мониторингдөөнү жана баалоону ишке ашырып, аны улантуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөргө ээ болуусу абзел. Аталган кызыкдар тараптардын биргелешкен күч-аракеттери – маселен, пропаганданы баалоо индекси аркылуу аткарган иш-аракеттери – жумушту кайталабастан, натыйжалуулукту жогорулатууга, анализди жакшыртууга жана таасир этүүнү күчөтүүгө жол ачмакчы.

Ошентсе да, мамлекеттик органдар, эл аралык агенттиктер жана башка маанилүү чечим чыгара алган таасирдүү кызыкдар тараптар жана кишилер менен жүргүзүлгөн кызматташтык жана туруктуу диалог абдан чоң мааниге ээ. Мындай биргелешкен ык-амал жалпы чечимдерди иштеп чыгууга көмөктөшө алат. Ал эми тараптардын баары убакыт жана ресурс жагынан кошкон салымдары үчүн жоопкерчилик аркалашат. Мисалдардын катарына ЖМКларды мониторингдөө, фактыларды тешерүү жана верификациялоо, аудиториянын кабылдоосу боюнча сурамжылоо, булактар менен мазмундун анализи, социалдык тармактардын аналитикасы, таасир этүүнү баалоо, мыйзамдар менен саясатты баалоо, ошондой эле пропагандага каршы туруктуулуктун индекси сыяктуу иш-аракеттерди киргизүүгө болот.

Пропагандага каршы туруктуулукту ченөө индексинин колдонулушу бир топ артыкчылыктарга ээ. Анын натыйжасында сандык баалоо маалыматтары алынып, салыштырма анализ жүргүзүү жана узак убакыт бою абалды көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү жаралат. Индекстин жардамы менен туруктуулуктун көптөгөн өңүттөрүн эске алуу менен комплекстүү анализди ишке ашырууга болот. Ал ырааттуулукту камсыздоочу жана салыштырма анализди жеңилдетүүчү стандартташтырылган структураны пайда кылат. Индекс саясат менен стратегияны иштеп чыгуу үчүн негиз катары колдонулуп, таасир этүү жана ресурстарды бөлүштүрүү чараларын аныктайт. Мындан тышкары, прогрессти көзөмөлдөө жана жакшыртуу үчүн чөйрөлөрдү белгилөө аркылуу мониторинг жана баалоонун инструменти катары дагы кызмат кылат. Индексти иштеп чыгуу үчүн анын ишенимдүүлүгү менен тууралыгын камсыздоо максатында кылдат изилдеп чыгуу жана ырастоо талап кылынат. Индексти иштеп чыгууда көрсөткүчтөрдү, маалыматтарды топтоо ыкмаларын жана аларды текшерүү процесстерин ийне-жибине чейин изилдеп чыгуу да талап кылынарын белгилей кетишибиз керек. Индекс тийиштүү кызыкдар тараптар менен кызматташтык ичинде иштелип чыгып, ишенимдүүлүгү менен жарамдуулугун камсыздоо үчүн кылдат сыноодон жана бекитүүдөн өтүшү керек. Бир нече уюм пропагандага каршы туруктуулук индекстерин иштеп чыкты же иш-аракетке өз салымын кошту. Мында ар бир уюмдун өзүнө таандык ык-амалдары, методологиясы жана конкреттүү максаттары болушу мүмкүн. Бул индекстер жаңы көйгөйлөр менен контексттердин пайда болушуна жараша үзгүлтүксүз өнүктүрүлүп, ал эми көптөгөн уюмдар алардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында бири-бири менен кызматташтык жүргүзүшөт.

# Тиркемелер

**1-ТИРКЕМЕ: РОССИЯНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖМКЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДАГЫ КАТТАЛУУЧУЛАРЫНЫН САНЫ. 2023-ЖЫЛДЫН МАРТ АЙЫНА КАРАТА АЛЫНГАН МААЛЫМАТТАР**

| Социалдык тармак | ЖМК | Катталуучу-лардын саны |
|---|---|---|
| **Dzen.ru** | Комсомольская правда | 1,3 млн. |
| | Московский комсомолец | 708,4 миң |
| | МИР 24 | 191,5 миң |
| | НТВ | 381,1 миң |
| | РБК | 585 миң |
| | Sputnik Кыргызстан | 10,7 миң |
| | Биринчи канал | 221,4 миң |
| **Instagram** | РБК | 512 миң |
| | Биринчи канал | 1,7 мил. |
| | МИР 24 | 367 миң |
| | НТВ | 543 миң |
| | Sputnik Кыргызстан | 564 миң |
| **Одноклассники** | Комсомольская Правда | 841,2 миң |
| | Аргументы и Факты | 434,4 миң |
| | Московский Комсомолец | 340,1 миң |
| | МИР 24 | 178,7 миң |
| | НТВ | 915,9 миң |
| | РБК | 489,3 миң |
| | Sputnik Кыргызстан | 16,9 мил. |
| | Вести | 1,0 млн. |
| | Биринчи канал | 940,1 миң |
| **Telegram** | Аргументы и Факты | 41,1 миң |
| | Московский комсомолец: акыркы жаңылыктар | 13,7 миң |

| Социалдык тармак | ЖМК | Катталуучулардын саны |
|---|---|---|
| **Telegram** | Московский комсомолец: күндүн башкы окуясы | 44,7 миң |
| | МИР 24 | 14,2 миң |
| | НТВ | 147 миң |
| | Sputnik Кыргызстан | 42,7 миң |
| | Вести | 136,7 миң |
| | Биринчи канал | 1,9 миң |
| **TikTok** | Sputnik Кыргызстан | 473,7 миң |
| | Вести | 541,4 миң |
| | МИР 24 | 1,3 миң |
| | НТВ | 2,7 млн. |
| | Биринчи канал | 187,9 миң |
| **Твиттер** | Комсомольская правда | 317,3 миң |
| | Московский комсомолец | 143,9 миң |
| | Sputnik Кыргызстан | 11,2 миң |
| | Биринчи канал | 2,9 млн. |
| **Вконтакте** | Комсомольская правда | 1,1 млн. |
| | Аргументы и Факты | 230 миң |
| | Московский комсомолец | 86 миң |
| | МИР 24 | 67 миң |
| | НТВ | 567 миң |
| | РБК | 873 миң |
| | Sputnik Кыргызстан | 13 миң |
| | Вести | 955 миң |
| | Биринчи канал | 2,1 млн. |
| **YouTube** | Комсомольская правда | 1,05 млн. |
| | Аргументы и Факты | 77,6 миң |
| | МИР 24 | 40,8 миң |
| | Sputnik Кыргызстан | 4,05 миң |

## 2-ТИРКЕМЕ: ФОКУС-ТОПТУК ДИСКУССИЯЛАР ҮЧҮН СУРООЛОР

### Киришүү, 10 мүнөт

Саламатсыздарбы! Биздин фокус-топко кош келипсиздер. Келгениңиздер үчүн баарыңыздарга ыраазычылык билдиребиз. Талкуу учурунда суусундуктардан жана тамак-аштан тартынбай алып туруңуздар. Бул ачык жана формалдуу эмес аңгемелешүү болуп саналат. Бул жерде туура жана туура эмес жооптор болбойт. Дагы бир жолу эскерте кетсем, менин атым ____ , жана бул жерде кесиптешим ____ менен чогуу иш алып барабыз. Биз ЖМКлардын Кыргызстандын аудиториясына тийгизген таасирин изилдеп жатабыз. Сиздердин жоопторуңуздар биздин бул изилдөөбүзгө жардам бермекчи. Маалымдалган макулдуктун формасы менен таанышып чыктыңыздарбы? Эгер изилдөөгө катышуунун шарттары менен макул болсоңуздар, сураныч, формага кол коюп берсеңиздер, менин кесиптешим жыйнап кетет. Биз аңгемелешүүлөрүбүздү аудиого жана видеого жаздырабыз. Бул шифрлөөнүн чечмеленишин түзүү үчүн керек. Сиздердин конфиденциалдуулугуңуздар корголот, себеби жазылып алынган маалыматтардын баары коопсуз түрдө сакталып, изилдөө аяктаган соң жок кылынат.

Бейджиктерге дискуссия учурунда сизге кайрыла турган ысымдарыңыздардын ыңгайлуу вариантын жазып коюуңуздарды суранабыз. Мисалы, атыңыз менен атаңыздын аты, же болбосо башка вариант.

### Көнүгүү-ой жүгүртүү, 10 мүнөт

Катышуучуларга пропаганда тууралуу жеке түшүнүгүн сүрөткө түшүрүү сунушталат. Андан соң ар бир катышуучу өзү тарткан сүрөтү боюнча түшүндүрмө бере алат. Кимдир-бирөө сүрөт тарта албагандыгына байланыштуу чочулоосун билдирсе, элесиндеги картинаны сүрөттөп берүүсүн өтүнүңүздөр. Оюндун максаты: 1) катышуучулардын чыңалуусун бошоңдотуу, 2) пропаганда тууралуу абстракттуу ой жүгүртө баштоого жардам берүү, 3) Пропаганданын негизги булагы же көрүнүштөрү катары эмнени жана/же кимди эсептегени тууралуу ой жүгүртүү.

### Талкуу үчүн суроолор

| Суроо | Талкуунун болжолдуу убактысы | Комментарийлер |
|---|---|---|
| Акыркы кабарлар менен кайдан таанышасыз? Маалымат булагы болуп эмне/ким эсептелет? Акыркы жаңылыктар менен канча убакытта таанышып турасыз? Учурда болуп жаткан окуялардан кантип кабардар болуп турасыз? | 10 мүнөт | Сурамжылоонун максаты – катышуучулардын жаңылыктарды Интернеттен, газеталардан окуй турганын, телевизордон көрө турганын же жоро-жолдоштору менен туугандарынан уга турганын аныктоо. |
| Адатта жаңылыктарды телевизордон кимдер көрөт? (сураныч, колуңуздарды көтөрүп коюңуздар) Орточо эсеп менен канча убакыт телевизор көрөсүз (күнүнө)? Кайсы программаларды? Эгер сиз жаңылыктарды телевизордон көрсөңүз, анда кайсы каналдардан көрөсүз? Кайсы тилде? | 10 мүнөт | Телевидение жөнүндө бир катар суроо |

| Суроо | Талкуунун болжолдуу убактысы | Комментарийлер |
|---|---|---|
| Сиз газета окуйсузбу? Эгер окусаңыз, кайсыларды окуйсуз? Кайсы тилде? | 5 мүнөт | Газеталар жөнүндө бир катар суроо |
| Эгер сиз учурда болуп жаткан окуялардан кабардар болуп туруу максатында Интернетти колдонсоңуз, анда кайсы маалымат булактарына кайрыласыз? Кайсы платформалар/топтор? | 10 мүнөт | Интернет жөнүндө бир катар суроо |
| Кайсы маалымат булактарын сиз үчүн негизгилер деп атай аласыз? | 5 мүнөт | Бул кайталап берилген суроо жана биринчи суроону чагылдырат. Катышуучулар маалымат булактары тууралуу аңгемелешкен, эми баштапкы ой жүгүртүүлөрдөн кийин тагыраак маалымат алуу мүмкүндүгү бар. |
| «ЖМК» деген сөздү укканда оюңузга алгач эмне келет? Эмне үчүн? Жообуңузду түшүндүрүп бересизби? «Россиялык ЖМКлар» деген сөз айкашы сизде кандай ассоциацияларды пайда кылат? Эмне үчүн? Жообуңузду түшүндүрүп бересизби? «Кыргыз ЖМКлары» деген сөз айкашы сизде кандай ассоциацияларды пайда кылат? Эмне үчүн? Жообуңузду түшүндүрүп бересизби? «Европалык ЖМКлар» деген сөз айкашы сизде кандай ассоциацияларды пайда кылат? Эмне үчүн? Жообуңузду түшүндүрүп бересизби? «Америкалык ЖМКлар» деген сөз айкашы сизде кандай ассоциацияларды пайда кылат? Эмне үчүн? Жообуңузду түшүндүрүп бересизби? «Батыш» деген сөз сизде кандай ассоциацияларды пайда кылат? Эмне үчүн? Жообуңузду түшүндүрүп бересизби? | 20 мүнөт | ЖМКларды кабыл алуу тууралуу бир катар суроо. Бул талкуунун негизги жана эң узун пункту. Мындагы идея элдер «жакшы» жана «жаман» ЖМКлар катары кайсыларды кабыл ала тургандыгын түшүнүүдө жатат. |
| Пропаганда деген эмне? Аны кандайча түшүнөсүз? Сиз кандай ойлойсуз, биздин ЖМКлар көбүнчө жергиликтүү пропаганданы чагылдырабы же чет өлкөлүк пропагандабы? Пропаганда элдин көз карашына жана мамилесине кандайча таасир этет? | 10 мүнөт | |

| Суроо | Талкуунун болжолдуу убактысы | Комментарийлер |
| --- | --- | --- |
| Жыйынтыктарды чыгаруу | 5 мүнөт | Зарыл болгондо, модератор баары туура жазылганын текшерүү максатында кээ бир учурларды тактап чыгат. |
| Кыргызстандагы ЖМКлардын башкы көйгөйү катары эмнени атайт элеңиз? Цензура керекпи? Сиз сыпаттап берген абалды жакшыртуу үчүн кандай чараларды көрүү туура болмокчу? Иш-аракетке кайсы мекемени/органды тартыш керек? | 10 мүнөт | Жыйынтыктоочу ой жүгүртүүлөр. |

Бул документ чечимдерди кабыл алган кишилер, ЖМКлар, эл аралык жана жергиликтүү уюмдар, изилдөөчүлөр, эксперттер жана Кыргызстандагы россиялык пропаганда көрүнүшүнө кызыкдар болгон башка жактар үчүн иштелип чыкты.

IWPR Борбор Азиядагы жана аймактан тышкары өлкөлөрдөгү профессионалдар үчүн сапаты жогору аналитикалык материалдарды берүүгө умтулат. Мындан улам биздин өнүмдөрүбүз тууралуу пикириңиздер аткарган ишибизди баалап чыгууга жардам берет. Андыктан сизден шилтеме боюнча же төмөндөгү QR-код аркылуу кайтарым байланыш формасын толтуруп берүүнү өтүнөбүз. Пикириңиз менен бөлүшүү 15 мүнөттөн ашык убактыңызды албайт.

Отчёттун кыскартылган версиясы iwpr.net веб-сайтынан аналитикалык билдирмелер түрүндө жеткиликтүү.